**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 28-августундагы № 250 «Медицина чөйрөсүндө адистерди даярдоого мамлекеттик монополияны киргизүү жөнүндө» Жарлыгынын 3, 4-пункттарын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тиешелүү жылдарга бекитилген бюджетинин алкагында жүргүзүлөт деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) медициналык билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин арасында мамлекеттик аккредитациялоо маселелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

4. Медициналык билим берүү уюмдары 2026-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө мамлекеттик аккредитациялоодон өтсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Об утвержении Порядка проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики**

В целях реализации пунктов 3, 4 Указа Президента Кыргызской Республики «О введении государственной монополии на подготовку специалистов в сфере медицины» от 28 августа 2025 года № 250, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Порядок проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики согласно приложению.

2. Установить, что реализация настоящего постановления осуществляется в рамках утвержденного бюджета Министерства здравоохранения Кыргызской Республики на соответствующие годы.

3. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики:

1) провести среди руководителей медицинских образовательных организаций информационно-разъяснительную работу по вопросам государственной аккредитации;

2) принять меры, вытекающие из настоящего постановления.

4. Медицинским образовательным организациям пройти государственную аккредитацию в срок до 1 июня 2026 года.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 254, 16.04.2026

Кол койгон: Касымалиев А.А.

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартиби**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартиби (мындан ары – Тартип) Кыргыз Республикасынын медициналык жана фармацевтикалык адистиктер боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу менчигинин түрүнө карабастан орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын (мындан ары – медициналык билим берүү уюмдары) мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүү жол-жоболорун белгилейт.

Медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоо медициналык жана фармацевтикалык билим берүүнүн сапатын, билим берүү программаларынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына, саламаттык сактоо системасынын кесиптик талаптарына жана ушул Тартиптин 1, 2, 3, 4-тиркемелеринде аныкталган стандарттарга, талаптарга жана критерийлерге шайкештигин камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик аккредитациялоо медициналык билим берүүнүн сапатына расмий кепилдик берүүнүн жана билим берүү уюмунун мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүүгө жана студенттерди кабыл алууга компетенттүүлүгүн таануунун формасы болуп саналат.

2. Медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган саналат.

Медициналык билим берүү уюмдары эл аралык деңгээлде таанылуу максатында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жаатында эл аралык уюмдар тарабынан таанылган агенттиктерден аккредитациялоодон өтүшү мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин алкагында медициналык жана фармацевтикалык багыттар жана адистиктер боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу медициналык билим берүү уюмдары орто жана жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жаатындагы

тиешелүү эл аралык уюмдар жана/же ассоциациялар тарабынан таанылган аккредитациялык агенттиктерде милдеттүү эл аралык аккредитациялоодон өтүүгө тийиш.

3. Медициналык билим берүү уюмунун институттук жана программалык аккредитациялоодон өтүүсү милдеттүү болуп саналат.

Институттук жана программалык аккредитациялоо бир эле учурда жана/же ырааттуу түрдө жүргүзүлөт.

Медициналык адистиктерден тышкары, даярдоо багыттарынын кеңири спектри (үч жана андан ашык багыт боюнча) боюнча программаларды ишке ашыруучу жогорку билим берүү уюмдарына (университеттерге) көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерден институттук аккредитациялоодон өтүүгө жол берилет.

4. Медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоо ушул Тартипке ылайык жүргүзүлөт жана төмөнкү принциптерге негизделет:

1) объективдүүлүк жана көз карандысыздык: медициналык билим берүү уюмунун ишин баалоо эксперттердин калыстыгын жана кабыл алынган чечимдердин көз карандысыздыгын камсыз кылган ишенимдүү маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт;

2) ачыктык жана айкындуулук;

3) талаптардын жана ыкмалардын бирдиктүүлүгү;

4) тышкы баалоонун негизделген методологиясын так колдонуу;

5) билим берүү уюмуна аккредитацияланган билим берүү уюмунун статусун (институттук аккредитациялоо), ал эми ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына аккредитацияланган программанын статусун (программалык аккредитациялоо) ыйгаруу мөөнөтүнүн чектелгендиги;

6) мамлекеттик аккредитациялоодон өтүү бардык медициналык билим берүү уюмдары үчүн ушул Тартипте аныкталган бирдей шарттарда жана негиздерде жүзөгө ашырылат.

5. Мамлекеттик аккредитациялоонун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасында медициналык билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана анын саламаттык сактоо системасынын заманбап талаптарына шайкештиги;

2) медициналык билим берүү уюмдарынын жана алар тарабынан ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын медициналык билим берүү жаатындагы бекитилген мамлекеттик стандарттарга, талаптарга жана критерийлерге шайкеш келүүсүнө объективдүү баа берүү;

3) Кыргыз Республикасында жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде берилген медициналык жана фармацевтикалык билим берүү жана квалификация жөнүндө документтерди таануу;

4) медициналык билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө дем берүү жана билим берүү программаларын үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоо, талдоо жана билим берүүнүн ички сапатын жакшыртуу аркылуу өркүндөтүү.

6. Медициналык билим берүү уюмдарын (программаларын) мамлекеттик аккредитациялоо 6 жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.

## 2-глава. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын укуктары жана милдеттери

7. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөргө укуктуу:

1) медициналык билим берүү уюмдары менен мамлекеттик аккредитациялоо жүргүзүү боюнча келишимдерди түзүүгө;

2) аккредитацияланууучу уюмдан билим берүү ишине тиешелүү бардык керектүү документтерди жана маалыматтарды сурап алууга;

3) экспертизанын жүрүшүндө аныкталган шайкеш эместиктер боюнча билим берүү уюмунан түшүндүрмөлөрдү жана кошумча материалдарды алууга;

4) И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясын система түзүүчү мамлекеттик жогорку окуу жайы катары медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүгө, ошондой эле медициналык билим берүү уюмдары үчүн окутуучу семинарларды өткөрүүгө тартууга.

8. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөргө укуксуз:

1) медициналык билим берүү уюмуна аккредитациялоо жүргүзүүдөн баш тартууга, анын ичинде менчигинин түрүнө, ведомстволук кызыкчылыктарына же жайгашкан жерине жараша атаандаштыкты чектөө же кандайдыр бир медициналык билим берүү уюмдарына артыкчылыктарды берүү максатында;

2) билим берүү жана илимий иш-чараларды (конференцияларды, симпозиумдарды, олимпиадаларды) биргелешип өткөрүү учурларынан тышкары медициналык билим берүү уюмдарынан кандайдыр бир кайрымдуулуктарды жана/же демөөрчүлүк жардамдарды кабыл алууга;

3) аттестацияланууучу медициналык билим берүү уюмунун жетекчилери менен туугандык байланышы бар кызматкерлерди жана/же адистерди эксперт катары тартууга;

4) аккредитациялоо жол-жоболорун жүргүзүүнүн жүрүшүндө белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгарууга, ошондой эле билим берүү уюмунун кадыр-баркын төмөндөтүүгө багытталган аракеттерди жасоого.

9. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мамлекеттик аккредитациялоонун бардык этаптарынын толук жана объективдүү өтүшүн камсыз кылууга;

2) эксперттик комиссиялардын ишин уюштурууга, баалоонун объективдүүлүгүн жана калыстыгын камсыз кылууга, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүндө кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөөгө;

3) эксперттердин ишинин сапатын ички контролдоого, аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоого жана зарыл болгон учурда эксперттердин методикасын жана окутуусун коррекциялоого;

4) аккредитацияланган медициналык билим берүү уюмдарынын реестрин жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтына милдеттүү түрдө жайгаштыруу менен медициналык жана фармацевтикалык багыттар/адистиктер боюнча аккредитацияланган билим берүү программаларынын реестрин жүргүзүүгө.

## 3-глава. Эксперттик комиссия

10. Аккредитациялык баалоо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен түзүлүүчү эксперттик комиссия (мындан ары – эксперттик комиссия) тарабынан ар бир аккредитацияланууучу медициналык билим берүү уюмуна өз-өзүнчө жүргүзүлөт. Эксперттик комиссия аккредитациялоо жүргүзүүгө арыз жана документтер катталган күндөн тартып 14 жумуш күндүн ичинде түзүлөт жана бекитилет.

11. Мамлекеттик аккредитациялоону жүргүзүү боюнча эксперттердин сандык курамын жана ага квалификациялык талаптарды саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктайт. Медициналык билим берүү уюмдарын жана кесиптик орто жана жогорку билим берүү программаларын аккредитациялоодо эксперттик комиссиянын ишине чет өлкөлүк эксперттерди тартууга жол берилет.

12. Аккредитациялык экспертиза жүргүзүүгө экспертти тартуу аны менен түзүлгөн жарандык-укуктук келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат, анын типтүү формасы саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

## 4-глава. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Аккредитациялык кеңеш

13. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Аккредитациялык кеңеш (мындан

ары – Аккредитациялык кеңеш) аккредитациялоодон өткөндүгү жөнүндө сертификатты берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө маселени коллегиалдуу жана ачык кароо үчүн коомдук башталышта иштөөчү кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

14. Аккредитациялык кеңештин милдеттери:

1) медициналык билим берүү уюмунун аккредитациялоодон өткөндүгү жөнүндө сертификатты берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө объективдүү чечимди кабыл алуу;

2) аккредитациялоодон кийинки мониторингдин жыйынтыктарын кароо жана алар боюнча чечим кабыл алуу.

15. Аккредитациялык кеңеш тогуз адамдан турат, алардын катарына саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын үч өкүлү, кесиптик жогорку билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эки өкүлү, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын бир өкүлү, мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын (иш берүүчүлөрдүн) эки өкүлү, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кесиптик ассоциациянын бир өкүлү кирет.

16. Аккредитациялык кеңештин курамына төмөнкүлөр кире албайт:

1) жеке билим берүү уюмунун уюштуруучусу;

2) жеке билим берүү уюмдарынын администрациясы жана кызматкерлери менен жакын туугандык мамиледе турган адам;

3) жеке билим берүү уюмунун кызматкери.

## 5-глава. Мамлекеттик аккредитациялоону жүргүзүүнүн этаптары жана мөөнөттөрү

17. Медициналык билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын мамлекеттик аккредитациялоо акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт. Аккредитациялоону жүргүзүүгө кеткен чыгымдар медициналык билим берүү уюмдарынын каражаттарынын эсебинен төлөнөт. Мамлекет тарабынан толугу менен каржылануучу медициналык билим берүү уюмдары аккредитациялоо боюнча чыгымдарды мамлекеттик бюджеттин жана/же атайын каражаттардын эсебинен төлөйт.

18. Мамлекеттик аккредитациялоо үч этапта жүргүзүлөт:

I этап – аккредитациялоого документтерди кабыл алуу жана экспертиза жүргүзүү: берилген документтердин жана маалыматтын комплекттүүлүгүнө экспертиза жүргүзүү; берилген документтер жана маалымат боюнча аккредитациялык стандарттарга, талаптарга жана критерийлерге шайкештигине экспертиза жүргүзүү. Өткөрүү мөөнөттөрү – арыз жана талап кылынуучу документтер берилген күндөн тартып эки айдан ашык эмес;

II этап – тышкы баалоо: эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө аккредитациялык талаптарга жана критерийлерге шайкештигин иш жүзүндө баалоо үчүн чыгуусу. Өткөрүү мөөнөттөрү – бир жумадан ашык эмес;

III этап – чечим кабыл алуу жана сертификат берүү: эксперттик комиссия тарабынан корутундуну даярдоо жана Аккредитациялык кеңештин кароосу жана аккредитациялоодон өткөндүгү жана сертификат берүү же аккредитациядан өтүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алуу. Өткөрүү мөөнөттөрү – эксперттик комиссиянын корутундусу Аккредитациялык кеңешке берилген күндөн тартып эки айдан ашык эмес.

19. Аккредитациялоону бир билим берүү уюмунун/программасынын чегинде жүргүзүү мөөнөттөрү арыз жана документтер берилген күндөн тартып төрт айдан ашпоого тийиш.

20. Мамлекеттик аккредитациялоону жүргүзүүгө чейин билим берүү уюму өзүн-өзү баалоону жүргүзөт. Өзүн-өзү баалоонун максаты медициналык билим берүү уюмунун ишинин жана программасынын мамлекеттик аккредитациялоонун стандарттарына, талаптарына жана критерийлерине шайкештигин, ошондой эле көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештигин ички баалоо болуп саналат. Медициналык билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын өзүн-өзү баалоосу медициналык билим берүү уюмдарын/программаларын мамлекеттик аккредитациялоонун стандарттары, талаптары жана критерийлери жана мамлекеттик билим берүү стандарттары боюнча жүргүзүлөт.

## 6-глава. Аккредитациялоо жөнүндө арызга жана тиркелүүчү документтерге карата талаптар

21. Медициналык билим берүү уюмун аккредитациялоону жүргүзүү үчүн ушул Тартиптин 5, 6-тиркемелерине ылайык формалар боюнча мамлекеттик аккредитациялоону жүргүзүү жөнүндө арызды юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн, билим берүү ишин жүргүзүүгө уруксат берүүчү документтерди (лицензияны), өзүн-өзү баалоо материалдарын тиркөө менен саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет. Өтүнмө жана өзүн-өзү баалоо материалдары арыз ээсинин тандоосу боюнча мамлекеттик же расмий тилде берилиши мүмкүн. Бир басма нускасы жана бир электрондук нускасы берилет.

Аккредитациялоодон өтүүгө арыз акыркы аккредитациялоонун колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин кеминде 5 ай мурда берилет.

22. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арыз жана документтер катталган күндөн тартып

10 жумуш күндүн ичинде арызды тариздөөнүн жана толтуруунун толуктугун жана тууралыгын жана документтердин комплекттүүлүгүн текшерет.

23. Медициналык билим берүү уюму тарабынан документтер толук эмес көлөмдө же туура эмес тариздселген жана/же толтурулган арыз жана документтер берилген учурда арыз жана документтер катталган күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде жетишпеген документтер жана/же тариздселиши жана/же толтурулушу ушул Тартипте белгиленген талаптарга ылайык келбеген документтер жөнүндө суроо-талап медициналык билим берүү уюмуна жөнөтүлөт же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырылат. Эгерде суралган документтер медициналык билим берүү уюму тарабынан уюм кабарлоону алган күндөн тартып 1 айдын ичинде берилбесе, медициналык билим берүү уюмуна арызды жана документтерди маңызы боюнча кароого кабыл алуудан баш тартылат. Төлөнгөн мамлекеттик алым кайтарылбайт.

24. Медициналык билим берүү уюму арызды жана толук көлөмдө, туура тариздселген жана/же толтурулган документтерди берген учурда арыз жана документтер катталган күндөн тартып же суроо-талап боюнча бардык документтер берилген күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде медициналык билим берүү уюмуна арызды жана документтерди кароого кабыл алуу жөнүндө кабарлоо жөнөтүлөт же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырылат.

25. Медициналык билим берүү уюмдары арызды жана документтерди кароого кабыл алуу жөнүндө кабарлоону алгандан кийин 5 жумуш күндүн ичинде өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту өз сайттарына жарыялоого тийиш.

26. Эксперттик комиссия берилген документтер боюнча мамлекеттик аккредитациялоонун белгиленген стандарттарына, талаптарына жана критерийлерине жана мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарына (МБС) шайкештигин баалоону жүргүзөт. Берилген маалымат жетишсиз жана/же түшүнүксүз учурлар болгондо эксперттик комиссия жетишпеген маалыматты жана/же документтерди суроого укуктуу.

27. Арызды жана документтерди кабыл алуу катталган күндөн тартып эки ай өткөнгө чейин эксперттик комиссия тышкы баалоону жүргүзүүнүн даталары жөнүндө чечим кабыл алат жана тышкы баалоону жүргүзүүнүн мөөнөттөрү жөнүндө медициналык билим берүү уюмуна кабарлоо жөнөтөт.

28. Медициналык билим берүү уюму тышкы баалоо жүргүзүлгөнгө чейин өзүнүн аккредитациялоо жөнүндө арызын кайра чакыртып алууга укуктуу, ошол эле учурда аккредитациялоо жүргүзүү үчүн төлөнгөн мамлекеттик алым кайтарылбайт.

## 7-глава. Тышкы баалоону жүргүзүү тартиби

29. Тышкы баалоо эксперттик комиссиянын медициналык билим берүү уюмуна жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө баруусу менен жүргүзүлөт.

Тышкы баалоонун максаты медициналык билим берүү уюмунун иш жүзүндөгү жайгашкан жери боюнча аккредитациялык стандарттарга, талаптарга жана критерийлерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана билим берүү процессинин билдирилген программага шайкештигин иш жүзүндө баалоо, документтердин түп нускаларын жана берилген маалыматтын аныктыгын текшерүү, ошондой эле студенттерге, окутуучуларга, иш берүүчүлөргө жана билим алуучулардын ата-энелерине сурамжылоо жүргүзүү болуп саналат.

Тышкы баалоону жүргүзүүдө эксперттик комиссия баалоонун ар кандай методдорун колдоно алат: чек-баракчаларды колдонуу менен түздөн-түз байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, маектешүү, фокус-топтор, маалыматтарды ретроспективдүү талдоо жана билим берүү кызматтарынын сапатын баалоонун башка методдору.

Жүргүзүлгөн тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча эксперттик комиссия 14 жумуш күндүн ичинде корутунду даярдайт. Корутунду мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, аккредитациялык стандарттардын аткарылышын баалоону, ошондой эле медициналык билим берүү уюмун же программасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды камтууга тийиш.

30. Эксперттик комиссиянын корутундусу Аккредитациялык кеңешке берилет.

## 8-глава. Чечим кабыл алуу жана сертификат берүү тартиби

31. Эксперттик комиссиянын корутундусунун негизинде Аккредитациялык кеңеш корутунду келип түшкөн күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) аккредитациялоонун бардык стандарттарына шайкеш келген учурда 6 жылга аккредитациялоо;

2) аккредитациялоонун бир стандартына шайкеш келбеген учурда 1 жылга аккредитациялоо;

3) аккредитациялоонун эки же андан көп стандартына шайкеш келбеген учурда аккредитациялоодон баш тартуу.

Ушул Тартиптин 31-пунктунун 2-пунктчасында каралган учурда аныкталган кемчиликтерди четтетүү үчүн мөөнөт белгиленет. Аккредитациядан кийинки мониторинг жүргүзүүдө сын пикирлер четтетилген факт ырасталган учурда аккредитациялоонун мөөнөтү 6 жылга чейин узартылат.

Аккредитациядан кийинки мониторинг жүргүзүүнүн механизми жана мөөнөтү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Жүргүзүлгөн аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу чечим кабыл алынгандан кийин 5 жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин сайтында жарыяланууга тийиш.

32. Аккредитациялоо жол-жобосунан өз убагында өтүүгө тоскоолдук кылган өзгөчө жана алдын алууга мүмкүн болбогон мүнөздөгү жагдайларда (табигый кырсыктар, өрттөр, массалык оорулар, иш таштоолор, согуштук аракеттер же мамлекеттик органдардын актылары) төмөнкү чечимдерди кабыл алууга жол берилет:

1) мурдагы аккредитациялоонун колдонуу мөөнөтүн 6 айдан ашпаган мөөнөткө узартуу;

2) аккредитациялоо жол-жобосун өткөрүү мөөнөтүн 6 айдан ашпаган мөөнөткө жылдыруу;

3) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан аныкталган тартипте аралыктан технологияларды колдонуу менен онлайн режиминде аккредитациялоо жол-жобосун жүргүзүү.

33. Аккредитациялоодон баш тартылган учурда аккредитациялоо жүргүзүүгө арыз бир жылдан эрте эмес кайрадан берилиши мүмкүн. Аккредитациялоо жүргүзүүгө мамлекеттик алым кайтарылбайт.

34. Билим берүү уюмун кайрадан аккредитациялоодо чыгымдарды медициналык билим берүү уюму тартат.

## 9-глава. Аккредитациялоо жөнүндө документтер

35. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына анын колдонуу мөөнөтү көрсөтүлгөн мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификат берилет.

36. Медициналык билим берүү уюму кайра каттоодон өткөндө мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонулушу сакталат.

37. Медициналык билим берүү уюмдарынын жана программаларынын аккредитациялоо мөөнөтү аяктаган учурда мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонуу мөөнөтүн узартууга ушул Тартиптин 32-пунктунда каралган учурду кошпогондо, жол берилбейт.

38. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонуу мөөнөтү төмөнкү учурда токтотулат:

1) берилген мөөнөтү аяктаганда;

2) медициналык билим берүү уюму жоюлганда;

3) медициналык билим берүү уюму сертификат берилген тиешелүү программаны ишке ашырууну токтотkondo.

39. Медициналык билим берүү уюмдарын жана программаларын мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттардын бланктарынын формалары саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

40. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланкы жана анын тиркемелери сакталууга жана эсепке алынууга тийиш.

41. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификатка жана ага тиркемеге Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри (ал жок болгон учурда – анын орун басары) кол коёт жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

42. Тиркемеси (тиркемелери) жок мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификат жараксыз.

43. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда медициналык билим берүү уюмунун саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берген арызы боюнча мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты берилет. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө чечими арыз катталган күндөн тартып 14 жумуш күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада «дубликат» деген белги менен таризделет. Мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатынын көчүрмөсү уюмдун аккредитациялык ишинде сакталат.

44. Мамлекеттик аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыз жана тиркелген документтер, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу, мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө, мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө буйруктары жана ага тиркелген документтер, тиркемелери менен мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын көчүрмөсү, ошондой эле текшерүүлөрдү жүргүзүүгө байланышкан документтер медициналык билим берүү уюмунун аккредитациялык ишин түзөт. Аккредитациялоо иштери Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы бекиткен Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруучу архивдик документтердин тизмегинин 49-пунктуна ылайык аларды сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен туруктуу сакталуу

мөөнөтүнө тийиш жана алар түзүлгөн жерде архив иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык сакталат.

## 10-глава. Аккредитацияланган медициналык билим берүү уюмдарынын реестри

45. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аккредитацияланган медициналык билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестрин (мындан ары – ресстр) жүргүзөт, өзүнүн сайтында жарыялайт жана кварталына кеминде бир жолу жаңылайт.

46. Реестр чечим кабыл алынган жана каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен хронологиялык тартипте түзүлөт.

Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:

1) аккредитациялоо жөнүндө сертификат алган уюмдун толук аталышы, жайгашкан жери;

2) уюмду юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн маалыматтары;

3) аккредитациялоо жөнүндө сертификат алган салык төлөөчүнүн – уюмдун идентификациялык номери;

4) аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынган дата;

5) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын реквизиттери;

6) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонулушу аяктоочу мөөнөт;

7) аккредитацияланган билим берүү программаларынын тизмеги;

8) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөөнүн негизи жана датасы;

9) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонулушун токтотуунун негизи жана датасы.

47. Реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аккредитация жөнүндө чыгарылган буйругу саналат.

Реестр жөнүндө маалымат саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда 5 (беш) жыл сакталат жана андан ары архив иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык өткөрүп берилет.

## 11-глава. Корутунду жоболор

48. Мамлекеттик аккредитациялоодон өтпөгөн медициналык билим берүү уюмдарынын медициналык жана фармацевтикалык адистиктер боюнча орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүүгө,

ошондой эле мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду жана сертификаттарды берүүгө укугу жок.

49. Аккредитациялоо талаптарынын сакталышын контролдоону жана медициналык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

Приложение

**Порядок**
**проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики (далее – Порядок) устанавливает процедуру проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики независимо от форм собственности реализующих образовательные программы по медицинским и фармацевтическим специальностям (далее – медицинские образовательные организации).

Государственная аккредитация медицинских образовательных организаций проводится в целях обеспечения качества медицинского и фармацевтического образования, соответствия образовательных программ государственным образовательным стандартам, профессиональным требованиям системы здравоохранения и стандартам, требованиям и критериям, определенным в приложениях 1, 2, 3, 4 настоящего Порядка.

Государственная аккредитация является формой официальной гарантии качества медицинского образования в Кыргызской Республике и признания компетентности образовательной организации на выдачу дипломов государственного образца и набор студентов.

2. Уполномоченным органом по проведению государственной аккредитации медицинских образовательных организаций является уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения.

В целях получения международного признания медицинские образовательные организации дополнительно могут проходить аккредитацию в агентствах, признанных международными организациями в области обеспечения качества образования.

Медицинские образовательные организации, реализующие образовательные программы по медицинским и фармацевтическим направлениям и специальностям в рамках международных договоров, вступивших в силу в соответствии с законодательством Кыргызской

Республики, подлежат обязательной международной аккредитации в аккредитационных агентствах, признанных соответствующими международными организациями и/или ассоциациями в области обеспечения качества среднего и высшего образования.

3. Прохождение медицинской образовательной организацией институциональной и программной аккредитации является обязательным.

Институциональная и программная аккредитации проводятся одновременно и/или последовательно.

В высших образовательных организациях (университеты), реализующих программы по широкому спектру направлений подготовки (по трем и более направлений) помимо медицинских специальностей, прохождение институциональной аккредитации допускается в независимых аккредитационных агентствах.

4. Государственная аккредитация медицинских образовательных организаций проводится в соответствии с настоящим Порядком и основана на следующих принципах:

1) объективность и независимость: оценка деятельности медицинской образовательной организации осуществляется на основе достоверных данных, обеспечивающих беспристрастность экспертов и независимость принимаемых решений;

2) прозрачность и открытость;

3) единство требований и подходов;

4) строгое применение обоснованной методологии внешней оценки;

5) ограниченность срока предоставления образовательной организации статуса аккредитованной образовательной организации (институциональная аккредитация), а реализуемым образовательным программам статуса аккредитованной программы (программная аккредитация);

6) прохождение государственной аккредитации осуществляется на равных для всех медицинских образовательных организаций условиях и основаниях, определенных настоящим Порядком.

5. Основными задачами государственной аккредитации являются:

1) обеспечение качества медицинского образования в Кыргызской Республике и его соответствие современным требованиям системы здравоохранения;

2) проведение объективной оценки медицинских образовательных организаций и реализуемых ими образовательных программ на соответствие утвержденным государственным стандартам, требованиям и критериям в области медицинского образования;

3) признание документов о медицинском и фармацевтическом образовании и квалификации, выданных в Кыргызской Республике и мировом образовательном пространстве;

4) стимулирование развития медицинских образовательных организаций и совершенствование образовательных программ путем непрерывной самооценки, анализа и улучшения внутренней системы качества образования.

6. Государственная аккредитация медицинских образовательных организаций (программ) проводится не реже одного раза в 6 лет.

## Глава 2. Права и обязанности уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения

7. Уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения имеет право:

1) заключать договоры с медицинскими образовательными организациями на проведение государственной аккредитации;

2) запрашивать у аккредитуемой организации все необходимые документы и сведения, касающиеся образовательной деятельности;

3) получать от образовательной организации пояснения по выявленным несоответствиям и дополнительные материалы в ходе экспертизы;

4) привлекать Кыргызскую государственную медицинскую академию им. И.К. Ахунбаева, как системообразующее государственное высшее учебное заведение, к проведению государственной аккредитации медицинских образовательных организаций, а также проведению обучающих семинаров для медицинских образовательных организаций.

8. Уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения не имеет право:

1) отказывать медицинской образовательной организации в проведении аккредитации, в том числе с целью ограничения конкуренции либо предоставления преимуществ каким-либо медицинским образовательным организациям в зависимости от форм их собственности, ведомственных интересов или местонахождения;

2) принимать какие-либо пожертвования и/или спонсорскую помощь от медицинских образовательных организаций, за исключением случаев совместного проведения образовательных и научных мероприятий (конференции, симпозиумы, олимпиады);

3) привлекать в качестве экспертов сотрудников и/или специалистов, имеющих родственные отношения с руководителями аттестуемой медицинской образовательной организации;

4) разглашать сведения, ставшие известными в ходе проведения процедуры аккредитации, а также совершать действия, направленные на снижение репутации образовательной организации.

9. Уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения обязан:

1) обеспечивать полное и объективное проведение всех этапов государственной аккредитации;

2) организовывать работу экспертных комиссий, обеспечивать объективность и непредвзятость оценки, недопущение конфликта интересов у членов экспертных комиссий;

3) вести внутренний контроль качества работы экспертов, анализировать результаты аккредитаций и при необходимости корректировать методику и обучение экспертов;

4) вести реестр аккредитованных медицинских образовательных организаций и реестр аккредитованных образовательных программ по медицинским и фармацевтическим направлениям/специальностям с обязательным размещением их на сайте уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения.

## Глава 3. Экспертная комиссия

10. Аккредитационная оценка проводится экспертной комиссией (далее – экспертная комиссия), создаваемой приказом уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения, отдельно на каждую аккредитуемую медицинскую образовательную организацию. Экспертная комиссия формируется и утверждается в течение 14 рабочих дней со дня регистрации заявления и документов на проведение аккредитации.

11. Количественный состав и квалификационные требования к экспертам по проведению государственной аккредитации определяются уполномоченным государственным органом в сфере здравоохранения. Допускается привлечение зарубежных экспертов к работе экспертной комиссии при аккредитации медицинских образовательных организаций и программ среднего и высшего профессионального образования.

12. Привлечение эксперта к проведению аккредитационной экспертизы осуществляется на основании заключенного с ним гражданско-правового договора, типовая форма которого утверждается уполномоченным государственным органом в сфере здравоохранения.

## Глава 4. Аккредитационный совет при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики

13. Аккредитационный совет при уполномоченном государственном органе в сфере здравоохранения (далее – Аккредитационный совет) является совещательным органом, функционирующим на общественных началах, для коллегиального и гласного рассмотрения вопроса об отказе или выдаче сертификата о прохождении аккредитации.

14. Задачами Аккредитационного совета являются:

1) принятие объективного решения об отказе или выдаче сертификата о прохождении аккредитации медицинской образовательной организацией;

2) рассмотрение результатов постаккредитационного мониторинга и принятие решения по ним.

15. Аккредитационный совет состоит из девяти человек, в число которых входят три представителя уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения, два представителя уполномоченного государственного органа в сфере высшего профессионального образования и науки, один представитель Кыргызской государственной медицинской академии им. И.К. Ахунбаева, два представителя государственных организаций здравоохранения (работодателей), один представитель профессиональной ассоциации в сфере здравоохранения.

16. В состав Аккредитационного совета не может входить:

1) учредитель частной образовательной организации;

2) лицо, состоящее в близких родственных отношениях с администрацией и работниками частных образовательных организаций;

3) работник частной образовательной организации.

## Глава 5. Этапы и сроки проведения государственной аккредитации

17. Государственная аккредитация медицинских образовательных организаций и образовательных программ проводится на платной основе. Затраты на проведение аккредитации оплачиваются за счет средств медицинских образовательных организаций. Медицинские образовательные организации, полностью финансируемые государством, оплачивают расходы по аккредитации за счет государственного бюджета и/или специальных средств.

18. Государственная аккредитация проводится в три этапа:

I этап – прием и экспертиза документов на аккредитацию: проведение экспертизы представленных документов и информации на

комплектность; проведение экспертизы на соответствие аккредитационным стандартам, требованиям и критериям по представленным документам и информации. Сроки проведения – не более двух месяцев со дня подачи заявления и требуемых документов;

II этап – внешняя оценка: выезд экспертной комиссии в образовательную организацию и ее структурные подразделения для фактической оценки соответствия аккредитационным требованиям и критериям. Сроки проведения – не более одной недели;

III этап – принятие решения и выдача сертификата: подготовка и рассмотрение заключения экспертной комиссии Аккредитационным советом и принятие решения о прохождении и выдаче сертификата или об отказе в прохождении аккредитации. Сроки проведения – не более двух месяцев со дня представления заключения экспертной комиссии в Аккредитационный совет.

19. Сроки проведения аккредитации в пределах одной образовательной организации/программы должны составлять не более четырех месяцев со дня подачи заявления и документов.

20. Проведению государственной аккредитации предшествует проведение образовательной организацией самооценки. Целью самооценки является внутренняя оценка соответствия деятельности медицинской образовательной организации и программы стандартам, требованиям и критериям государственной аккредитации, а также соответствия предоставляемых образовательных услуг требованиям государственных образовательных стандартов. Самооценка медицинской образовательной организации/образовательной программы проводится по стандартам, требованиям и критериям государственной аккредитации медицинских образовательных организаций/программ и государственным образовательным стандартам.

## Глава 6. Требования к заявлению об аккредитации и прилагаемым документам

21. Для проведения аккредитации медицинская образовательная организация представляет в уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения заявление о проведении государственной аккредитации по формам в соответствии с приложениями 5, 6 к настоящему Порядку с приложением копии свидетельства о государственной регистрации в качестве юридического лица, разрешительных документов на ведение образовательной деятельности (лицензии), материалов самооценки. Заявка и материалы самооценки могут быть поданы на государственном или официальном языке по выбору заявителя. Подается один печатный экземпляр и электронный экземпляр.

Заявление на прохождение аккредитации представляется не менее чем за 5 месяцев до окончания срока действия последней аккредитации.

22. Уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения в течение 10 рабочих дней со дня регистрации заявления и документов проводит проверку полноты и правильности оформления и заполнения заявления и комплектности документов.

23. В случае представления медицинской образовательной организацией документов не в полном объеме или заявления и документов, неправильно оформленных и/или заполненных, в течение 10 рабочих дней со дня регистрации заявления и документов, медицинской образовательной организации направляется или вручается ее уполномоченному представителю запрос о недостающих документах и/или документах, оформление и/или заполнение которых не соответствует требованиям, установленным настоящим Порядком. В случае если запрашиваемые документы не представлены медицинской образовательной организацией в течение 1 месяца со дня получения организацией уведомления, медицинской образовательной организации отказывают в принятии заявления и документов к рассмотрению по существу. Оплаченная государственная пошлина не подлежит возврату.

24. В случае представления медицинской образовательной организацией заявления и документов в полном объеме, правильно оформленных и/или заполненных, в течение 10 рабочих дней со дня регистрации заявления и документов либо со дня представления всех документов по запросу, медицинской образовательной организации направляется или вручается ее уполномоченному представителю уведомление о приеме заявления и документов на рассмотрение.

25. Медицинские образовательные организации должны опубликовать отчет по самооценке на своих сайтах в течение 5 рабочих дней после получения уведомления о приеме заявления и документов к рассмотрению.

26. Экспертная комиссия проводит оценку соответствия согласно установленным стандартам, требованиям и критериям государственной аккредитации и государственным образовательным стандартам (ГОС) по представленным документам. В случае недостаточности представленной информации и/или непонятных моментов, экспертная комиссия имеет право запросить недостающую информацию и/или документы.

27. До истечения двух месяцев со дня регистрации приема заявления и документов экспертная комиссия принимает решение о датах проведения внешней оценки и направляет уведомление медицинской образовательной организации о сроках проведения внешней оценки.

28. Медицинская образовательная организация вправе отозвать свое заявление об аккредитации до проведения внешней оценки, при этом уплаченная государственная пошлина за проведение аккредитации не возвращается.

## Глава 7. Порядок проведения внешней оценки

29. Внешняя оценка проводится с выездом экспертной комиссии в медицинскую образовательную организацию и ее структурные подразделения.

Целью внешней оценки является фактическая оценка соответствия аккредитационным стандартам, требованиям и критериям, государственным образовательным стандартам по месту фактического нахождения медицинской образовательной организации и образовательного процесса заявляемой программе, проверка оригиналов документов и подлинности представленной информации, а также проведение опроса студентов, преподавателей, работодателей и родителей обучающихся.

При проведении внешней оценки экспертная комиссия может использовать различные методы оценки: прямое наблюдение с использованием чек-листов, анкетирование, собеседование, фокус-группы, ретроспективный анализ данных и другие методы оценки качества образовательных услуг.

По результатам проведенной внешней оценки экспертная комиссия в течение 14 рабочих дней готовит заключение. Заключение обязательно должно содержать оценку выполнения государственных образовательных стандартов, аккредитационных стандартов, а также рекомендации по совершенствованию медицинской образовательной организации или программы.

30. Заключение экспертной комиссии передается в Аккредитационный совет.

## Глава 8. Порядок принятия решения и выдача сертификата

31. На основании заключения экспертной комиссии Аккредитационный совет в течение 30 рабочих дней со дня поступления заключения принимает одно из следующих решений:

1) аккредитовать на 6 лет в случае соответствия всем стандартам аккредитации;

2) аккредитовать на 1 год в случае несоответствия одному стандарту аккредитации;

3) отказать в аккредитации в случае несоответствия двум и более стандартам аккредитации.

В случае, предусмотренном подпунктом 2 пункта 31 настоящего Порядка устанавливается срок для устранения выявленных недостатков. В случае подтверждения факта устранения замечаний при постаккредитационном мониторинге срок аккредитации продлевается до 6 лет.

Механизм и сроки постаккредитационного мониторинга определяются уполномоченным государственным органом в сфере здравоохранения.

Заключение экспертной комиссии по итогам проведенной аккредитации должно быть опубликовано на сайте Министерства здравоохранения Кыргызской Республики в течение 5 рабочих дней после принятия решения.

32. При обстоятельствах, которые носят чрезвычайный и непредотвратимый характер, препятствующих своевременному прохождению процедуры аккредитации (стихийные бедствия, пожары, массовые заболевания, забастовки, военные действия или акты государственных органов) допускается принятие следующих решений:

1) продление срока действия предыдущей аккредитации не более чем на 6 месяцев;

2) перенос сроков проведения процедуры аккредитации не более чем на 6 месяцев;

3) проведение процедуры аккредитации в режиме онлайн с применением дистанционных технологий в порядке, определяемом Министерством здравоохранения Кыргызской Республики.

33. При отказе в аккредитации повторная подача заявления на проведение аккредитации возможна не ранее чем через один год. Государственная пошлина за проведение аккредитации не возвращается.

34. Расходы при повторной аккредитации образовательной организации несет медицинская образовательная организация.

## Глава 9. Документы об аккредитации

35. Аккредитованным образовательным организациям выдается сертификат о государственной аккредитации с указанием срока его действия.

36. При перерегистрации медицинской образовательной организации действие сертификата о государственной аккредитации сохраняется.

37. Продление срока действия сертификата о государственной аккредитации в случае окончания срока аккредитации медицинских образовательных организаций и программ не допускается, за

исключением случая, предусмотренного пунктом 32 настоящего Порядка.

38. Сертификат о государственной аккредитации прекращает свое действие в случае:

1) истечения срока, на который был выдан;

2) ликвидации медицинской образовательной организации;

3) прекращения реализации медицинской образовательной организацией соответствующей программы, на которую выдан сертификат.

39. Формы бланков сертификатов о государственной аккредитации медицинских образовательных организаций и программ устанавливаются уполномоченным государственным органом в сфере здравоохранения.

40. Бланк сертификата о государственной аккредитации и приложения к нему подлежат хранению и учету.

41. Сертификат о государственной аккредитации и приложение к нему подписываются министром здравоохранения Кыргызской Республики (в случае его отсутствия – его заместителем) и заверяются печатью уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения.

42. Сертификат о государственной аккредитации без приложения (приложений) недействителен.

43. В случае утери или порчи сертификата о государственной аккредитации по заявлению медицинской образовательной организации, представленному в уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения, выдается дубликат сертификата о государственной аккредитации. Решение уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения о выдаче дубликата сертификата о государственной аккредитации принимается в срок, не превышающий 14 рабочих дней со дня регистрации заявления. Дубликат сертификата о государственной аккредитации оформляется с пометкой «дубликат» в одном экземпляре. Копия дубликата сертификата о государственной аккредитации хранится в аккредитационном деле организации.

44. Заявление о проведении государственной аккредитации и прилагаемые документы, приказы уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения о государственной аккредитации или отказе в аккредитации, переоформлении сертификата о государственной аккредитации, выдаче дубликата сертификата о государственной аккредитации и прилагаемые к нему документы, копия сертификата о государственной аккредитации с приложениями, а также документы, связанные с проведением проверок, составляют аккредитационное дело медицинской образовательной организации. Аккредитационные дела в соответствии с пунктом 49 Перечня типовых

управленческих архивных документов, образующихся в деятельности государственных и негосударственных организаций, утвержденного уполномоченным государственным органом в сфере цифрового развития Кыргызской Республики с указанием сроков их хранения, подлежат постоянному сроку хранения и хранятся по месту их формирования в соответствии с законодательством в сфере архивного дела.

## Глава 10. Реестр аккредитованных медицинских образовательных организаций

45. Уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения ведет реестр аккредитованных медицинских образовательных организаций и программ (далее – реестр), публикует на своем сайте и обновляет не реже одного раза в квартал.

46. Реестр составляется в хронологическом порядке с указанием даты принятия решения и присвоения регистрационного номера.

В реестре содержатся следующие сведения:

1) полное наименование, местонахождение организации, получившей сертификат об аккредитации;

2) данные свидетельства о государственной регистрации организации в качестве юридического лица;

3) идентификационный номер налогоплательщика – организации, получившей сертификат об аккредитации;

4) дата принятия решения об аккредитации;

5) реквизиты сертификата об аккредитации;

6) срок окончания действия сертификата об аккредитации;

7) перечень аккредитованных образовательных программ;

8) основание и дата переоформления сертификата об аккредитации;

9) основание и дата прекращения действия сертификата об аккредитации.

47. Основанием для внесения сведений в реестр является изданный приказ уполномоченного государственного органа в сфере здравоохранения об аккредитации.

Информация о реестре хранится в уполномоченном государственном органе в сфере здравоохранения на протяжении 5 (пять) лет и далее передается в архив в соответствии с законодательством в сфере архивного дела.

## Глава 11. Заключительные положения

48. Медицинские образовательные организации, не прошедшие государственную аккредитацию, не имеют права вести

образовательную деятельность по образовательным программам среднего и высшего профессионального образования по медицинским и фармацевтическим специальностям, а также выдавать дипломы и сертификаты государственного образца.

49. Контроль за соблюдением требований аккредитации и мониторинг качества медицинского образования осуществляет уполномоченный государственный орган в сфере здравоохранения.

Кыргыз Республикасынын орто
жана жогорку кесиптик
медициналык билим берүүнүн
медициналык билим берүү
уюмдарын мамлекеттик
аккредитациялоодон өткөрүүнүн
тартибине
1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүү уюмдарынын медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоонун стандарттары, талаптары жана критерийлери**

## 1-глава. Колдонуу жааты

1. Ушул стандарттар, талаптар жана критерийлер:

– Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык жана фармацевтикалык багыттар жана адистиктер боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына жайылтылат;

– Кыргыз Республикасында медициналык жана фармацевтикалык билим берүүнүн сапатын, билим берүү мейкиндигинин биримдигин жана мамлекеттик контролдоону камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

## 2-глава. Терминдер аныктамалар жана кыскартуулар

2. Колдонулуучу терминдер, аныктамалар жана кыскартуулар:

1) институттук аккредитациялоо – медициналык билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлинин жалпысынан аныкталган талаптарга жана стандарттардын критерийлерине ылайык келишин таануу жол-жобосу;

2) медициналык билим берүү уюму – Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык жана фармацевтикалык багыттар жана адистиктер боюнча программаларды ишке ашыруучу медициналык билим берүү уюму;

3) программалык аккредитациялоо – даярдоонун медициналык жана фармацевтикалык багыттары боюнча айрым билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоо жол-жобосу, анын жүрүшүндө билим берүү программасынын аныкталган талаптарга жана стандарттардын критерийлерине ылайык келиши таанылат;

4) процесс – «кирүүлөрдү» (ресурстарды) жана «чыгууларды» (продукцияны/кызмат көрсөтүүлөрдү) өзгөртүп түзүүчү, өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенүүчү аракеттердин түрлөрүнүн жыйындысы;

5) окутуу натыйжалары – билим берүү программасы аяктагандан кийин билим алуучу ээ боло турган ченелүүчү, текшерилүүчү жана так белгиленген билимдер, жөндөмдөр, көндүмдөр жана калыптанган компетенциялар;

6) сапат менеджменти системасы (СМС) – билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын камсыз кылууга, контролдоого жана үзгүлтүксүз жогорулатууга багытталган уюштуруу түзүмүнүн, процесстердин, жол-жоболордун жана ресурстардын жыйындысы;

7) керектөөчүлөрдүн (стейкхолдерлердин) канааттануусу – билим берүү уюмунун ишинин натыйжаларынын кызыкдар тараптардын (билим алуучулардын, окутуучулардын, кызматкерлердин, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, мамлекеттин) күтүүлөрүнө ылайык келиши.

## 3-глава. Институтук аккредитациялоонун стандарттары, талаптары жана критерийлери

### 1-стандарт. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясаты

3. Талап: медициналык билим берүү уюмунун билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялык жана учурдагы пландары медициналык билим берүү уюмунун миссиясына жетүүгө өбөлгө түзөт жана кызыкдар тараптардын муктаждыктарына жооп берет.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун миссиясын, өнүктүрүү стратегиясын, стратегияны ишке ашыруу планын, окутуунун максаттарын жана натыйжаларын, билим берүүнүн сапаты боюнча колдонмону камтыган билим берүү уюмунда бекитилген билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатынын болушу;

– билим берүү уюмунун сайтында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясаты жарыяланган;

– кызыкдар тараптардын муктаждыктарын талдоонун болушу (аналитикалык отчеттор), талдоонун натыйжалары билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатында чагылдырылган;

– билим берүү уюмунун билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатынын жогорку билим берүү, илимий изилдөөлөр жана регионду/өлкөнү өнүктүрүү жаатындагы улуттук саясаттын максаттарына жана милдеттерине ылайык келиши.

4. Талап: стратегиялык жана учурдагы пландарды ишке ашыруу, медициналык билим берүү уюмунун ишине мониторинг жүргүзүү

чечимдерди кабыл алуу жана кызыкдар тараптардын катышуусу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн жүргүзүлөт.

Баалоо критерийлери:

– керектөөлөрдү талдоонун негизинде бир жылга стратегияны ишке ашыруунун бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу;

– жетишкендиктерди талдоо жана түзөтүүчү иш-чаралар менен пландарды ишке ашыруу боюнча ар жылдык отчеттордун болушу;

– пландарды жана отчетторду кайра байланыш мүмкүнчүлүгү менен ачык жеткиликтүү жайгаштыруу;

– билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча бекитилген колдонмонун болушу;

– билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча отчеттордун болушу (жетишүү, контингентти талдоо, өзүн-өзү баалоо боюнча, стейкхолдерлердин канааттануусу боюнча ж.б. отчеттор);

– кызыкдар тараптардын пландары, отчеттору жана сунуштары каралган коомдук кеңештердин протоколдорунун болушу;

– билдирилген миссияга, өнүктүрүү стратегиясынын максаттарына жана милдеттерине жана аны ишке ашыруу планына ылайык келүүсү.

5. Талап: билим берүүнүн сапат менеджментинин ички системасы натыйжалуу иштейт жана медициналык билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө өбөлгө түзөт.

Баалоо критерийлери:

– медициналык билим берүү уюмунун билим берүүнүн сапат менеджмент системасынын процесстердин бекитилген реестринин жана процесстик моделинин болушу жана аларды билим берүү уюмунун сайтына жарыялоо;

– билим берүүнүн сапат менеджментинин системасы, бөлүмдүн пландары жана отчеттору боюнча функционалы бар түзүмдүк бөлүмдүн болушу;

– билим алуучулардын өкүлдөрүн киргизүү менен ыйгарым укуктарына билим берүүнүн сапаты маселелери кирген сапат боюнча коомдук кеңештин же башка ыйгарым укуктуу коомдук кеңештин болушу (кеңеш жөнүндө жобо, мүчөлөрдүн тизмеси, жыйналыштардын пландары жана протоколдору);

– билим алуучулардын жетишүүсү, билиминин сапаты, ишке орношуусу жөнүндө аналитикалык отчеттордун болушу;

– билим берүү уюмунда анын ишинин маалыматтарын топтоонун жана талдоонун документтештирилген системасынын болушу; күчтүү жана алсыз жактарын баалоо – SWOT-талдоо, анын негизинде ректорат Окумуштуулар кеңеши менен биргеликте саясатты, стратегиялык жана тактикалык пландарды аныктайт.

6. Талап: медициналык билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт.

Баалоо критерийлери:

– укук белгилөөчү документтердин болушу: билим берүү уюмунун уставы (актуалдуу редакцияда); мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк; салык органында каттоого тургандыгы жөнүндө күбөлүк (ИСН); билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензиясы тиркемелери менен кошо;

– билим берүү уюмунун сайтында укук белгилөөчү документтердин жеткиликтүүлүгү;

– уюмдун сайтында жарыяланган билим берүү уюмунун иши боюнча ченемдик укуктук актылардын жана локалдык актылардын болушу, анын ичинде ички тартип эрежелеринин, акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө жобонун, түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жобонун болушу ж.б.;

– билим берүү уюмунун сайтында бекитилген билим берүү программаларынын жана окуу пландарынын жеткиликтүүлүгү.

7. Талап: кызыкдар тараптар медициналык билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун толтурулган рубрикалары бар сайтынын болушу: билим берүү уюму жөнүндө жалпы маалымат, билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү саясаты, ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары, окутуунун күтүлгөн натыйжалары, билимди баалоо системасы, ченемдик укуктук документтер, түзүмдүк бөлүмдөр, илимий-изилдөө иштери, тарбиялык иш, кабыл алуу жана тапшыруу, эл аралык кызматташтык, финансылык иш, студенттер үчүн маалымат, бүтүрүүчүлөр үчүн маалымат, профессордук-окутуучулук курам (мындан ары – ПОК) үчүн маалымат, ПОК үчүн кайтарым байланыш, студенттер үчүн кайтарым байланыш;

– активдүү иштеген электрондук почтанын, телефондун болушу;

– билим берүү уюмунун маалыматтык саясаты жөнүндө бекитилген жобонун болушу;

– билим берүү уюмунун корпустарында миссиясы жана стратегиясы жөнүндө маалыматтык стенддердин болушу;

– билим берүү уюмунун сайтындагы отчеттордун жеткиликтүүлүгү: аккредитациялоо боюнча отчеттор, мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча отчеттор, анкета толтуруу боюнча отчеттор, кабыл алуу комиссиясынын жыйынтыктары жөнүндө отчеттор;

– иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана ата-энелер менен билим берүү уюмунун ишинин маселелери боюнча өткөрүлгөн коомдук угуулар, жолугушуулар, тегерек столдор жөнүндө протоколдордун/маалыматтардын болушу;

– кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына жооп кайтаруунун иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу.

8. Талап: медициналык билим берүү уюму өзүнүн академиялык кадыр-баркын жогорулатуу боюнча аракеттерди көрөт.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун сайтындагы маалыматтын англис, орус жана кыргыз тилдеринде жеткиликтүүлүгү;

– өзүнүн брендинин, брендбугунун, брошюраларынын болушу;

– билим берүү уюму жөнүндө англис, орус жана кыргыз тилдеринде маалыматтык роликтин болушу;

– эл аралык байланыштардын жана алар боюнча активдүүлүктүн болушу;

– эл аралык институттук аккредитациянын болушу;

– билим берүү уюмунун эл аралык жана улуттук рейтингдерине катышуусу;

– эл аралык тармактарга, коомчулуктарга, ассоциацияларга катышуу;

– кош билим берүү программаларынын же кош диплом программаларынын болушу;

– эл аралык көргөзмөлөргө катышуу;

– заманбап билим берүү жана санариптик технологияларды киргизүү (санариптик билим берүү платформасынын, өздүк симуляция борборлорунун, виртуалдык лабораториялардын, виртуалдык пациенттердин ж.б. болушу).

9. Талап: медициналык билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча ченемдик укуктук актылардын жана локалдык актылардын болушу: эмгекти коргоо жөнүндө жобо; экстремизмге, терроризмге, зомбулукка каршы аракеттенүү жөнүндө жобо; билим берүү уюмундагы коррупция; эмгекти коргоо боюнча комиссия, жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдар боюнча комиссия жөнүндө буйруктар; өрт жана өзгөчө кырдаалдардагы аракеттер боюнча нускама;

– жумуш орундарынын эмгекти коргоо боюнча талаптарга ылайыктуулугун баалоо системасынын болушу;

– кызматкерлерге жана билим алуучуларга коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүү;

– билим алуучулардын жыл сайын медициналык текшерүүдөн өтүшү жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин болушу. Окуу корпустарында медициналык пункттун болушу;

– билим берүү уюмунун объекттерин жыл сайын санитардык-гигиеналык текшерүүдөн өткөрүү;

– билим берүү уюмунун объекттеринин (окуу корпустарынын) өрткө каршы абалын текшерүү актыларынын болушу;

– билим берүү уюмундагы маалыматтык системаларда жеке маалыматтарды иштетүүдө анын коопсуздугун камсыз кылууга жана коргоого карата талаптарды аткаруу;

– билим берүү уюмунда жеткиликтүүлүктү контролдоо жана терроризмге каршы коргоо бар (объекттин терроризмге каршы корголушунун паспорту; күзөт кызматы, күзөт агенттиги/коопсуздук кызматы менен келишим бар).

**2-стандарт. Адам ресурстарын башкаруу**

10. Талап: медициналык билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдерине жана жол-жоболоруна, анын ичинде кызматкерлердин жана окуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ.

Баалоо критерийлери:

– персоналды тандоо жана кабыл алуу жол-жоболорун жөнгө салуучу ички локалдык актылардын болушу;

– персоналга болгон муктаждыкты болжолдоонун болушу (эмгек акы төлөөнүн жана окутуучулардын иш жүгүнүн бекитилген ченемдеринин, окуу жылына штаттык расписаниенин болушу);

– кызматкерлерди мотивациялоо жана кармап туруу механизмдеринин болушу;

– персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдеринин сакталышы.

11. Талап: медициналык билим берүү уюму үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүнү жана персоналдын квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун окуу жылына кадрларды өнүктүрүү планынын болушу (акыркы 3 жыл үчүн);

– персоналдын квалификациясын жогорулатуу планынын болушу (акыркы 3 жыл үчүн);

– медициналык билим берүү уюмунун өз бюджетинен кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга каражат бөлүүсү;

– жыл сайын персоналдын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө отчеттордун, планга ылайык окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу курстарынан, семинарлардан, тренингдерден өткөндүгү жөнүндө сертификаттардын болушу;

– окутуучулардын ар бир 5 жылда жогорку мектептин андрагогикасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшү;

– окутуучулардын ар бир 5 жылда өз адистиги боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшү.

12. Талап: медициналык билим берүү уюмунда персоналдын ишин баалоонун, анын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык, объективдүү механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар.

Баалоо критерийлери:

– персоналдын ишин баалоо жана анын жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алуу боюнча ички локалдык актылардын болушу;

– персоналдын ишин баалоо боюнча документтерди ачык жеткиликтүү (билим берүү уюмунун сайтында) жайгаштыруу;

– билим берүү уюмунун ректоратынын жана персоналдын ишин баалоо боюнча комиссиянын баалоо натыйжаларына негизделген чечимдеринин болушу;

– баалоонун жыйынтыктары боюнча маалыматтын жеткиликтүүлүгү («Окутуучу студенттердин көзү менен» анткеталоо);

– окутуучулар курамынын квалификациясынын орто жана жогорку билим берүү уюмдарынын окутуучусунун кесиптик стандартына жана Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 2, 3-тиркемелеринин кошумча талаптарына ылайык келиши.

## 3-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

13. Талап: медициналык билим берүү уюмдары билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– жеке менчик, ыкчам башкаруу, чарба жүргүзүү укугунда жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, машыгуу аянтчалардын, аймактардын болушу;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 2, 3-тиркемелерине ылайык билим берүү процессине катышуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон жабдылган окуу класстарынын, лекциялык залдардын, окуу жана илимий лабораториялардын, компьютердик класстардын, спорт залдардын, азем залынын, окуу залдары бар китепканалардын, ашкананын, медпункттун, жайкы спорттук аянтчалардын, жатаканалардын болушу;

– окуу процесси үчүн компьютердик, окуу жабдууларынын, симуляциялык жабдуулардын, эмеректердин, чыгымдалуучу материалдардын болушу;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 2, 3-тиркемелерине ылайык китепканалык-маалыматтык ресурстардын: окуу китептеринин, окуу-методикалык адабияттардын, илимий адабияттардын жана электрондук окуу китептеринин жана китепкана базаларынын жеткиликтүү болушу;

– санариптик билим берүү ресурстарынын болушу: санариптик билим берүү платформасы, санариптик иш жүргүзүү платформасы, программалык камсыздоо, симуляторлор жана виртуалдык класстар, интернет, электрондук китепкана;

– билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир дисциплинасы боюнча милдеттүү окуу жана окуу-методикалык басма жана электрондук басылмалар менен камсыз болуу ар бир студентке 0,5тен кем эмести, лабораториялык иштерди аткаруу боюнча методикалык колдонмолор менен камсыз болуу 1:1ди түзөт;

– даярдоо багыты/адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык бир билим алуучуга билим берүү иши үчүн пайдалуу аянттын болушу;

– электрондук басылмаларды пайдалануу үчүн 100 билим алуучуга интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгү бар кеминде 7 компьютердин болушу.

14. Талап: медициналык билим берүү уюмунун материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу механизмдеринин жана индикаторлорунун болушу.

Баалоо критерийлери:

– материалдык жана маалыматтык ресурстарга болгон муктаждыкты баалоо системасынын болушу;

– билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн товарларды, техникалык иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга, кампадан товарларды берүүгө арыздарды түзүү жана берүү боюнча бекитилген эрежелердин (же ушуга окшош документтин) болушу;

– товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун бекитилген пландарынын болушу;

– түзүмдүк бөлүмдөрдө жыл сайын материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо жүргүзүү;

– билим берүү уюмунун стратегиялык жана учурдагы пландарында материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу чагылдырылган.

15. Талап: билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына ылайык келиши керек.

Баалоо критерийлери:

– окуу корпустарына, лабораторияларга, жатаканаларга санитардык-эпидемиологиялык корутундунун болушу;

– корпустардын жана өндүрүштүк жайлардын өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келиши;

– күзөтүүгө, таштанды чыгарууга келишимдин болушу;

– билим берүү уюмунун объекттеринин терроризмге каршы корголгондугу жөнүндө паспорттун болушу.

16. Талап: медициналык билим берүү уюмунун медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базасы бар.

Баалоо критерийлери:

– мамлекеттик эмес жогорку, жогорку окуу жайларынан кийинки медициналык кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын менчик укугунда же оперативдүү башкаруусунда көп тармактуу клиникалык базасы болууга тийиш (клиникага укук белгилөөчү документтердин жана кыймылсыз мүлк жайгашкан жер боюнча жергиликтүү каттоо органында каттоонун болушу);

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 4-тиркемесинде белгиленген талаптарга клиникалык базанын ылайык келиши жөнүндө корутундусунун болушу;

– медициналык жана фармацевтикалык ишти жүзөгө ашырууга тиешелүү лицензиянын болушу;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 4-тиркемесине ылайык орто кесиптик, жогорку кесиптик, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базага карата минималдуу талаптарга Кыргыз Республикасынын медициналык орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүү мекемелерин мамлекеттик аккредитациялоону өткөрүү тартибине шайкеш келүүсү.

**4-стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу**

17. Талап: медициналык билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда жана негиздүү финансылык пландоодо ачык-айкындуулукту жана ачыктыкты камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджеттик эсепти жүргүзүүгө, бюджеттик отчеттуулукту түзүүгө жана берүүгө талаптардын болушу жана сакталышы;

– билим берүү уюмун өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын пландалган жана жетишилген максаттарга, натыйжаларына ылайык программалык бюджеттин болушу;

– билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган финансылык пландардын жана отчеттордун, программалык бюджеттин болушу;

– стейкхолдерлерди тартуу менен финансылык пландарды жана отчетторду коомдук талкуулоону өткөрүү.

18. Талап: медициналык билим берүү уюму тышкы финансылык аудиттен дайыма өтүп турат.

Баалоо критерийлери:

– көз карандысыз аудитордук компаниянын аудитордук корутундусунун болушу (компаниянын менчик ээлеринин, уюштуруучулардын, акционерлердин, инвесторлордун, кредиттик уюмдардын, мамлекеттик органдардын демилгеси боюнча).

19. Талап: медициналык билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруу механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма өркүндөтүп турат.

Баалоо критерийлери:

– «1С Бухгалтерия» бухгалтердик эсептин автоматташтырылган системасынын же ушуга окшош программанын болушу;

– финансылык көрсөткүчтөргө үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүү;

– ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугуна ички мониторинг жүргүзүү;

– билим берүү процессинин катышуучуларынын финансылык башкарууга канааттануусуна изилдөөнү жүзөгө ашыруу (процесстин катышуучуларынан кайтарым байланышты талдоо).

20. Талап: медициналык билим берүү уюму персоналга жана билим алуучуларга социалдык колдоо көрсөтөт.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун кызматкерлеринин жана билим алуучуларынын ыктыярдуу коомдук бирикмелеринин (кесиптик бирликтердин комитеттеринин, студенттик кеңештердин) болушу;

– билим берүү уюмунун кызматкерлерине социалдык колдоо көрсөтүлгөндүгүн документтештирилген ырастоонун болушу;

– билим берүү уюмунун билим алуучуларына социалдык колдоону документтештирилген ырастоонун болушу.

**5-стандарт. Илимий иш** (жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары үчүн)

21. Талап: медициналык билим берүү уюму илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт.

Баалоо критерийлери:

– бекитилген каржылануучу илимий-изилдөө иштеринин (мындан ары – ИИИ) болушу;

– билим берүү уюмунун түзүмүндө илимий бөлүмдөрдүн жана штаттык илимий кызматкерлердин болушу;

– өткөрүлгөн ИИИнин жыйынтыктары боюнча отчеттордун болушу, ИИИнин жыйынтыктары боюнча коомдук угууларды өткөрүү;

– ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө патенттердин жана күбөлүктөрдүн болушу;

– билим берүү уюмунун кызматкерлеринин Web of Science жана Scopus маалымат базаларында индекстелген илимий журналдарда билим берүү уюму менен байланышы бар илимий жарыялоолорунун болушу;

– студенттерди ИИИге тартуунун документтештирилген далилдеринин болушу.

22. Талап: медициналык билим берүү уюмунда жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстар болушу керек, илимий изилдөөлөр үчүн алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– медициналык билим берүү уюму тарабынан ИИИ жүргүзүүгө каражат бөлүү;

– медициналык билим берүү уюмунда ИИИ жүргүзүүгө гранттардын болушу;

– ИИИ уюштуруу жана жүргүзүү үчүн инфраструктуранын болушу: илимий бөлүмдөр, лабораториялар жана/же изилдөө жана/же клиникалык базалар;

– илимий журналдарга жазылуунун болушу (басма продукциясы, электрондук жазылуу жана/же электрондук китепкана базаларына жеткиликтүүлүк);

– изилдөөчүлөрдүн иштөөсү үчүн санариптик инфраструктуранын болушу: компьютерлер, программалык камсыздоо, ресурстук борборлор/залдар.

23. Талап: медициналык билим берүү уюму илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий жыйынтыктар жана кадрлар менен алмашууга өбөлгө түзөт.

Баалоо критерийлери:

– биргелешкен/эл аралык изилдөө долбоорлорунун болушу жана ишке ашырылышы;

– билим берүү уюмунун кызматкерлеринин акы төлөнүүчү чыгуучу академиялык мобилдүүлүгүнүн болушу: чет өлкөдө стажировкалар, эл аралык конференцияларга, форумдарга ж.б. катышуу;

– кирүүчү академиялык мобилдүүлүктүн болушу: билим берүү уюму тарабынан уюштурулган конференцияларга, форумдарга чет элдик изилдөөчүлөрдүн катышуусу;

– илимий конференцияларды, съезддерди, форумдарды уюштуруу.

24. Талап: медициналык билим берүү уюму педагогдордун ИИИнин жыйынтыктарын билим берүү ишинде жана практика менен байланышта колдонуу боюнча сыйлоо системасын жана индикаторлорду колдонот.

Баалоо критерийлери:

– педагогдордун ИИИнин жыйынтыктарын билим берүү процессинде колдонуу боюнча бекитилген индикаторлордун болушу;

– ИИИнин жетишкендиктери үчүн сыйлоо системасынын болушу.

25. Талап: медициналык билим берүү уюму персоналдын жана билим алуучулардын илимий-метрикалык көрсөткүчтөр аркылуу жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларды көрөт.

Баалоо критерийлери:

– Scopus жана/же Web of Science жазылуусунун болушу;

– илимий макалаларды жазуу жана илимий иштин жыйынтыктарын жарыялоо боюнча семинарларды, тренингдерди өткөрүү;

– жогорку квартилге жана импакт-факторго ээ журналдарда жарыялоо үчүн дем берүүчү төлөмдөрдүн болушу.

## 4-глава. Программалык аккредитациялоонун стандарттары, талаптары жана критерийлери

### 1-стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

26. Талап: билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына, эмгек рыногунун талаптарына ылайык келген, кызыкдар тараптардын катышуусунда иштелип чыккан жана кабыл алынган так түзүлгөн билим берүү миссияларына, окутуу максаттарына жана күтүлүүчү натыйжаларына ээ болууга тийиш.

Баалоо критерийлери:

– адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан бекитилген билим берүү программасынын жана окуу планынын болушу;

– билим берүү программасы окутуунун натыйжаларынын (компетенциялар каталогу), кесиптик стандарттардын негизинде жана улуттук компетенциялар алкагында иштелип чыккан, компетенциялардын матрицасынын болушу;

– адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан жана бекитилген дисциплиналар боюнча окуу программаларынын болушу;

– билим берүү программасынын так түзүлгөн миссиясынын жана билим берүү максаттарынын болушу;

– билим берүү программасын окутуунун так түзүлгөн күтүлүүчү натыйжаларынын болушу;

– окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын билим берүү уюмунун миссиясына жана рыноктун талаптарына шайкештиги;

– билим берүүнүн сапатын туруктуу жакшыртуу процессинин болушу (маалыматты чогултуу жана талдоо, процесстин катышуучулары, сапатты жогорулатуу үчүн бул маалымат кантип колдонулат).

27. Талап: билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына ылайык келет.

Баалоо критерийлери:

– билим алуучулардын сабактарынын ырааттамасы боюнча окуу жүктөмүнүн адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келиши;

– окуу жүктөмүнө талдоо жүргүзүү үчүн жоопту түзүмдөрдүн/адамдардын болушу;

– окуу жүктөмүн жөнгө салуучу билим берүү уюмунун бекитилген ички документинин болушу;

– сабактардын ырааттамасын түзүү жана бекитүү тартибин аныктоочу билим берүү уюмунун ички документинин болушу.

28. Талап: билим берүү программасында бардык зарыл болгон практикалар, стажировкалар жана окутуунун башка түрлөрү болушу керек.

Баалоо критерийлери:

– окуу планында бардык зарыл болгон практикалар, стажировкалар жана окутуунун башка түрлөрүнүн болушу;

– бул программанын бардык студенттерин бардык практикадан өтүү үчүн орундар менен камсыз кылуу (келишим боюнча ар бир студенттин жана жумуш орундарынын сандык маалыматтары берилиши керек);

– өндүрүштүк практиканы, стажировканы жана окутуунун башка түрлөрүн жөнгө салуучу бекитилген документтин болушу.

29. Талап: билим берүү программасы мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну, анын ичинде билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоону камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– окуу пландарын жана билим берүү программасынын конкреттүү дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу, мазмунун баалоо жана чечимдерди кабыл алуу жол-жоболорун регламенттеген бекитилген ички документтердин болушу;

– окуу пландары жана окуу-методикалык комплекстери боюнча чечимдерди кароо жана кабыл алуу протоколдорунун болушу;

– илимдин жана технологиянын акыркы жетишкендиктеринин муктаждыктарын эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунун туруктуу негизде кайра карап чыгуу;

– билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, муктаждыктарына жана канааттануularына мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүү;

– негизделген башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун натыйжаларын пайдалануу жана стратегияларды жана пландарды оңдоо боюнча чараларды киргизүү, натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн өлчөө жана отчеттуулук.

30. Талап: билим берүү программасы инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду, формаларды жана технологияларды колдонот.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү процессинде окутуунун инновациялык методдорун колдонуунун далилдеринин болушу;

– билим берүү процессинде интерактивдүү окутуу методдорун колдонуунун далилдеринин болушу;

– клиникалык учурлардын виртуалдык жана толукталган реалдуулугун түзүү үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун далилдеринин болушу;

– колдонулган методдордун, формалардын, технологиялардын жана ресурстардын окутуунун натыйжаларына жетүүгө шайкештиги, далилдердин болушу.

31. Талап: билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурат.

Баалоо критерийлери:

– студенттердин, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн жана муктаждыктарын изилдөөнүн документтештирилген далилдеринин болушу, анын натыйжасында кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү уюштурулган;

– билим алуучулардын ар кандай кызыкчылыктарына ылайык келген кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн бар экендигинин документтештирилген далилдеринин болушу.

**2-стандарт. Окутуунун жыйынтыктарын кабыл алуу жана таануу**

32. Талап: билим берүү программасы билим алуучуларды кабыл алуунун эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмуна кабыл алуунун ички эрежелеринин болушу жана сакталышы;

– кабыл алуунун эрежелери жана жол-жоболору сайтта жарыяланышы жана коомчулук үчүн жеткиликтүү болушу;

– кабыл алуу комиссиясынын курамы, документтерди кабыл алуу мөөнөттөрү жана кабыл алуу өнөктүктөрүн өткөрүү жөнүндө буйруктардын болушу;

– медициналык билим берүү уюму тарабынан абитуриенттерге тапшыруунун бардык этаптары боюнча толук жана өз убагында маалыматтарды жана консультацияларды берүү;

– кабыл алуу процесси негизсиз тоскоолдуктардан жана басмырлоодон эркин, бардыгы үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат;

– абитуриенттерди билим берүү уюмуна кабыл алууну уюштурууга канааттангандыгы боюнча анкета жүргүзүүнүн жана абитуриенттердин даттануулары жана сунуштары боюнча түзөтүүчү чараларды киргизүүнүн документтештирилген далилдеринин болушу.

33. Талап: билим берүү программасы билим алуучуларга билим берүү траекториясын түзүүдө (тандоодо), академиялык мобилдүүлүктө жана карьералык өсүүдө жардам берет.

Баалоо критерийлери:

– адистикти тандоого жана карьералык жолду курууга жардам берген карьера борборунун же ушуга окшош түзүмдүн болушу;

– насаатчылык, менторлук/тьюторлук программаларынын болушу;

– студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнүн болушу.

34. Талап: билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификацияларын, мезгилдерин жана окутуу натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмуна студенттерди которуу, окуудан чыгаруу жана калыбына келтирүү тартиби жөнүндө бекитилген ички жобонун болушу;

– жыйынтыктоочу аттестация жөнүндө бекитилген жобонун болушу. Жыйынтыктоочу аттестацияга иш берүүчүлөр катышат;

– мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү жөнүндө отчеттук документтердин болушу;

– билим берүү программасын жакшыртууда окутуунун натыйжаларын талдоону колдонуу;

– кабыл алуу процессин жакшыртуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана билим алуучуларды чыгаруу боюнча пландардын жана отчеттордун болушу.

**3-стандарт. Инсандыкка-багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишүүсүн баалоо**

35. Талап: билим берүү программасы педагогикалык методдорду, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана оңдоо үчүн билим алуучулар менен үзгүлтүксүз кайтарым байланышты колдонот.

Баалоо критерийлери:

– билим алуучуларга колдонулган билим берүү методдору жана технологиялары боюнча үзгүлтүксүз анкета жүргүзүү;

– баалоонун негизинде билим берүү методдорун, формаларын жана технологияларын оңдоонун документтештирилген далилдеринин болушу.

36. Талап: билим берүү программасы баалоо критерийлеринин жана методдорунун, күтүлүүчү контролдоо түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларын апелляциялоо жол-жобосунун жеткиликтүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– билим алуучулардын билимин жана көндүмдөрүн баалоо жана контролдоо критерийлери жана методдору жөнүндө бекитилген документтин болушу (мисалы, билимди жана көндүмдөрдү баалоо системасы жөнүндө жобо);

– билим берүү уюмунун сайтында баалоо критерийлерин жана методдорун жарыялоо;

– критерийлердин билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлүүчү окутуу натыйжаларына шайкештиги жана бул натыйжаларга жетишүү деңгээлин көрсөтүү;

– студенттерге бүткүл окуу процессинин жүрүшүндө колдонулуучу баалоо жол-жоболору жана күтүлүүчү контролдоо түрлөрү жөнүндө маалымдоо;

– студенттерге окутуу процессинде да, жыйынтыктоочу баалар коюлгандан кийин да үзгүлтүксүз кайтарым байланыш берүү;

– баалоо каражаттарынын фондунун болушу;

– баалоо натыйжаларын апелляциялоонун расмий жол-жобосунун болушу;

– билим алуучулардын жана окутуучулардын баалоо каражаттарына (баалоо критерийлерине жана методдоруна) канааттануусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү, алардын

натыйжалары жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууда колдонулат.

37. Талап: билим берүү программасы билим алуучулардын окуудан четтетилишинин себептерине үзгүлтүксүз талдоо жүргүзөт, алардын жетишүүсүн жогорулатуу жана бекемдөө боюнча чараларды көрөт.

Баалоо критерийлери:

– академиялык жетишүүсүнө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, карызы бар студенттерди аныктоо системасынын болушу жана карыздарды өз убагында жоюуну уюштуруу;

– окуу жетишүүсүнө, окуудан чыгаруунун себептерине үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүү, билим берүү уюмунун коомдук кеңештеринин жыйындарында талдоонун натыйжаларын кароо, чараларды көрүү;

– графикке ылайык кошумча кайра тапшырууларды уюштуруу жана академиялык карыздарды жоюу системасынын болушу.

38. Талап: билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана окутуунун жеке траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын колдонуу менен ишке ашырылат.

Баалоо критерийлери:

– студенттин тандоосу боюнча элективдүү курстардын болушу;

– которулган студенттер үчүн айырманы жоюунун бекитилген жеке пландарынын болушу;

– электрондук жана аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун документтештирилген далилинин болушу;

– өздөштүрүлгөн дисциплиналар жөнүндө маалыматтарды студенттин өздүк ишине киргизүү;

– билим алуучулардын жыл сайын медициналык кароодон өтүшү жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин болушу. Окуу корпустарында медициналык пункт бар.

39. Талап: билим берүү программасы окуу жүктөмүнө, билим алуучулардын жетишүүсүнө жана чыгарылуусуна, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна мониторинг жүргүзөт.

Баалоо критерийлери:

– билим алуучулардын окуу жүктөмүнө мониторинг жүргүзүү;

– бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу борборунун же бул функцияларды аткаруучу башка түзүмдүк бөлүмдүн болушу;

– бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусун көзөмөлдөө системасынын жана маалыматтар базаларынын болушу;

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрүү жана жумушка орноштуруу маселелери боюнча өз ара аракеттенүү, Кыргыз Республикасынын

Саламаттык сактоо министрлигинин ресурстарды башкаруунун улуттук маалыматтык системасына (РБУМС) билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрү боюнча маалыматтарды толтуруу;

– студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууга көмөктөшүүнүн алкагында активдүү жарнамалык-агартуу өнөктүктөрүн (вакансиялар жарманкелери) өткөрүү.

## 4-стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

40. Талап: педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Баалоо критерийлери:

– бекитилген штаттык расписаниенин болушу;

– штаттын окутуучулар менен толукталышы;

– окутуучулардын билиминин жана квалификациясынын окутулуп жаткан предметке ылайык келиши;

– окутуучулардын өздүк иштеринде билими жөнүндө дипломдорунун, окумуштуулук даражасынын, окумуштуулук наамы жөнүндө күбөлүктөрүнүн, жогорку мектеп педагогикасы курсу боюнча квалификацияны жогорулатуу жөнүндө сертификаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамага ылайык башка документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүнүн болушу;

– окуу-көмөкчү персоналдын болушу;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 3-тиркемесине ылайык кошумча талаптарга ылайык окумуштуулук даражалары же наамдары бар окутуучулардын үлүшү;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 2, 3-тиркемелерине ылайык кошумча талаптарга ылайык штаттык окутуучулардын үлүшү;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 2-тиркемесинин талаптарына ылайык жогорку кесиптик медициналык билим берүү программалары боюнча англис тилинде сабак берген окутуучулар үчүн англис тилин В1 деңгээлинен төмөн эмес билүү жөнүндө сертификаттын болушу.

41. Талап: билим берүү программасында педагогдорду тандоо, шыктандыруу жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлгөн.

Баалоо критерийлери:

– персоналды тандоо жана кабыл алуу жол-жоболорун жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жана локалдык актылардын болушу;

– окуу жылына карата билим берүү уюмунун персоналын өнүктүрүү планынын болушу (акыркы 3 жылга);

– персоналдын квалификациясын жогорулатуу планынын болушу (акыркы 3 жылга);

– медициналык билим берүү уюмунун өзүнүн бюджетинен кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга каражаттарды бөлүүсү;

– персоналдын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жылдык отчеттордун, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу курстарынан (анын ичинде инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча), семинарлардан, тренингдерден өткөндүгү тууралуу сертификаттардын планга ылайык болушу;

– окутуучулардын жогорку мектептин андрагогикасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан ар бир 5 жылда өтүүсү;

– окутуучулардын окута турган предмет/адистик боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан ар бир 5 жылда өтүүсү;

– персоналды шыктандыруу жана кармап туруу механизмдеринин болушу (шыктандыруучу үстөктөр, KPI).

42. Талап: педагогдор дайыма окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштелмелерди чыгарат жана өркүндөтөт.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун окутуучуларынын авторлугу жана билим берүү уюмунун грифи жана/же Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин грифи менен жарыяланган окуу китептеринин жана окуу-методикалык адабияттардын болушу;

– окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштелмелерди кароо жана бекитүү боюнча документтештирилген системанын болушу.

43. Талап: билим берүү программасынын билим алуучулары тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, академиялык кеңешчилер, жатаканалардагы тарбиячылар) менен камсыздалган.

Баалоо критерийлери:

– кураторлорду, тарбиячыларды дайындоо жөнүндө буйруктардын жана/же башка ырастоочу документтердин болушу;

– куратордук иш жөнүндө кураторлордун, жатаканалардагы тарбиячылардын отчетторунун болушу.

## 5-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

44. Талап: билим берүү программасында билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстар бар.

Баалоо критерийлери:

– жеке менчик, ыкчам башкаруу, чарба жүргүзүү укугунда жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, машыгуу аянтчаларынын, аймактардын болушу;

– жабдылган окуу класстарынын, лекция залдарынын, окуу лабораторияларынын (физика, химия, биохимия, физиология; микробиология; фармакология; анатомия жана патологиялык анатомия; физиология жана патофизиология; гистология, гигиена боюнча), адистештирилген жайлардын (анатомиялык музей, секциялык), компьютердик класстардын, симуляциялык борбордун, спорт залдын, актылар залынын, окуу залдары бар китепкананын, ашкананын, медициналык пункттун, спорттук жайкы аянтчалардын, жатаканалардын билим берүү процессинин катышуучулары үчүн, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жактар үчүн жеткиликтүү болушу;

– билим берүү процесси үчүн компьютердик, окуу жабдууларынын, симуляциялык жабдуулардын, эмеректердин, керектелүүчү материалдардын болушу;

– китепканалык-маалыматтык ресурстардын болушу: окуу китептери, окуу-методикалык адабияттар, илимий адабияттар, электрондук окуу китептери жана китепканалык базаларга жеткиликтүүлүк;

– санариптик билим берүү ресурстарынын болушу: санариптик билим берүү платформасы, иш кагаздарын жүргүзүү санариптик платформасы, программалык камсыздоо, симуляторлор жана виртуалдык класстар, интернет, электрондук китепкана;

– даярдоо багыты/адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүү иши үчүн пайдалуу аянттын болушу;

– электрондук басылмаларды колдонуу үчүн 100 билим алуучуга интернетке туташкан 7ден кем эмес компьютер.

45. Талап: окуу жайлары билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына жооп берет (санитардык-эпидемиологиялык жана

гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелери).

Баалоо критерийлери:

– окуу корпустарына, лабораторияларга, ушул билим берүү программасы боюнча окуган жана билим алуучулар жашаган жатаканаларга санитардык-эпидемиологиялык корутундунун болушу;

– билим берүү программасы үчүн корпустардын жана өндүрүштүк жайлардын өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келүүсү: объекттердин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келүүсү жөнүндө актынын болушу; өрт сигнализациясын текшерүү сертификаттары/актылары, өрт коопсуздугуна жооптууларды дайындоо жөнүндө буйруктар;

– күзөтүү, таштанды чыгаруу боюнча келишимдин болушу;

– ушул билим берүү программасы боюнча окуган жана билим алуучулар жашаган объекттердин терроризмге каршы корголушунун паспортунун болушу.

46. Талап: окуу китептери, колдонмолор жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук материалдар билим берүү программасынын мазмунуна ылайык келет.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир дисциплинасы боюнча милдеттүү окуу жана окуу-методикалык басма жана/же электрондук басылмалар менен камсыз болуусу ар бир студентке кеминде 0,5ти түзөт; лабораториялык иштерди аткаруу боюнча методикалык колдонмолор менен камсыз болуу 1:1ди түзөт;

– окуу китептеринин жана окуу куралдарынын билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган дисциплиналардын жумушчу программасында каралган бардык темаларды жана бөлүмдөрдү камтуусу;

– милдеттүү окуу-методикалык адабияттардын басылып чыккан жылы 10 жылдан ашпайт;

– окутуу англис тилинде жүргүзүлгөн билим берүү программалары үчүн акыркы 10 жылда басылып чыккан англис тилиндеги окуу адабияттарынын болушу.

47. Талап: медициналык билим берүү уюмунун медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базасы бар.

Баалоо критерийлери:

– мамлекеттик эмес жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик медициналык билим берүү уюмдарынын менчик укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда көп профилдүү клиникалык базасы болушу керек (клиникага укук белгилөөчү документтердин жана кыймылсыз мүлк жайгашкан жер боюнча жергиликтүү каттоо органында каттоосунун болушу);

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин мамлекеттик билим берүү уюмдары үчүн клиникалык базаларды бекитүү жөнүндө буйругунун болушу;

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 4-тиркемесине ылайык белгиленген талаптарга клиникалык базанын шайкештиги жөнүндө корутундусунун болушу;

– медициналык жана фармацевтикалык ишти жүзөгө ашырууга тиешелүү лицензиянын болушу;

– Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибинин 4-тиркемесине ылайык орто кесиптик, жогорку кесиптик, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базага карата минималдуу талаптарга ылайык келүүсү.

**6-стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иштери** (жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары үчүн)

48. Талап: билим берүү программасынын персоналы жана билим алуучулар илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү уюмунун илимий ишин уюштуруу, өткөрүү жана эсепке алуу тартибин регламенттеген билим берүү уюмунун локалдык актыларынын болушу;

– бекитилген ИИИ пландарынын болушу: жеке пландар, билим берүү уюмунун ИИИ боюнча жылдык жана стратегиялык пландары, каржыланган ИИИ пландары;

– ИИИнин бекитилген демилгелүү пландарынын болушу (студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын, изилдөөчүлөрдүн илимий иштери);

– билим берүү программасынын окутуучулары тарабынан ИИИнин аткарылгандыгын ырастаган документтердин болушу;

– билим берүү программасы боюнча билим алуучулар тарабынан ИИИнин аткарылгандыгын ырастаган документтердин болушу;

– студенттердин медициналык билим берүү уюмунун, кафедралардын, илимий ийримдердин илимий долбоорлоруна катышуусу;

– билим берүү уюмунун ИИИнин натыйжаларын билим берүү программасына интеграциялоонун документтештирилген далилдеринин болушу.

49. Талап: билим берүү программасы жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, алардын илимий изилдөөлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Баалоо критерийлери:

– бекитилген ИИИлерди каржылоонун документтештирилген далилдеринин болушу;

– ИИИлерди уюштуруу жана өткөрүү үчүн инфраструктуранын болушу: илимий бөлүмдөр, лабораториялар жана/же изилдөө жана/же клиникалык базалар;

– илимий журналдарга жазылуунун болушу (басма продукциясы, электрондук жазылуу жана/же электрондук китепкана базаларына жеткиликтүүлүк);

– изилдөөчүлөрдүн иши үчүн санариптик инфраструктуранын болушу (компьютерлер, программалык камсыздоолор, ресурс борборлору/залдар).

50. Талап: билим берүү программасы илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий натыйжалар жана кадрлар менен алмашууга өбөлгө түзөт.

Баалоо критерийлери:

– факультеттин биргелешкен/эл аралык изилдөө долбоорлорунун болушу жана ишке ашырылышы;

– билим берүү программасынын окутуучуларынын акы төлөнүүчү баруучу академиялык мобилдүүлүгүнүн болушу: чет өлкөдө стажировкадан өтүү, эл аралык конференцияларга, форумдарга ж.б. катышуу;

– чет өлкөлүк билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын/кызматкерлеринин келүүчү академиялык мобилдүүлүгүнүн болушу: билим берүү уюму уюштурган конференцияларга, форумдарга чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн катышуусу;

– медициналык билим берүү уюму/программасы тарабынан илимий конференцияларды, съезддерди, форумдарды уюштуруу.

51. Талап: билим берүү программасы окутуу процессинде жана өндүрүштө персоналдын жана билим алуучулардын ИИИнин натыйжаларын колдонуу боюнча сыйлык системасын колдонот.

Баалоо критерийлери:

– билим берүү программасынын окутуучуларынын ИИИнин натыйжаларын билим берүү процессинде колдонуусу боюнча көрсөткүчтөрдүн болушу;

– ИИИнин жетишкендиктери үчүн материалдык сыйлыктардын системасынын болушу;

– ИИИнин жетишкендиктери үчүн материалдык эмес сыйлыктардын системасынын болушу.

52. Талап: билим берүү программасы персоналдын жана билим алуучулардын абройлуу басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларды көрөт.

Баалоо критерийлери:

– Scopus, Web of Science жазылуунун болушу;

– илимий макалаларды жазуу жана илимий иштин натыйжаларын жарыялоо боюнча семинарлардын, тренингдердин өткөрүлүшү;

– илимий макалаларды жогорку квартиль жана импакт-фактору бар журналдарда жарыялоо үчүн дем берүүчү төлөмдөрдүн болушу.

Кыргыз Республикасынын
орто жана жогорку кесиптик
медициналык билим берүүнүн
медициналык билим берүү
уюмдарын мамлекеттик
аккредитациялоодон
өткөрүүнүн тартибине
2-тиркеме

**Жогорку кесиптик медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн кошумча талаптар**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер |
|---|---|---|
| 1 | Илимий даражага же илимий наамга ээ болгон окутуучулар өткөн сабактар боюнча дисциплиналардын үлүшү | 40 % аз эмес |
| 2 | Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин шайкештиги | Окутулган клиникалык дисциплина боюнча жогорку медициналык билиминин жана тиешелүү адистигинин (ординатурасынын) болушу; гуманитардык-социалдык жана табигый-илимий блоктун дисциплиналары боюнча жогорку тармактык билиминин болушу |
| 3 | Жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 70 % аз эмес |
| 4 | Англис тилинде сабак берген окутуучулардын англис тилин билүү деңгээлин ырастаган сертификатынын болушу | B1 деңгээлинен төмөн эмес;<br>CEFR B1+;<br>IELTS 4.0–4,5 балл;<br>TOEFL IBT 42–71 балл |
| 5 | Билим берүү процессин камсыз кылуу үчүн жабдылган жайлардын болушу | – физика, химия, биохимия, физиология; микробиология; фармакология; анатомия жана патанатомия; физиология жана патофизиология; гистология, гигиена боюнча окуу лабораториялары;<br>– анатомиялык музей; |

| | | |
|---|---|---|
| | | – гуманитардык жана социалдык-экономикалык, табигый-илимий жана кесиптик дисциплиналарды окуу үчүн атайын жабдылган кабинеттер жана аудиториялар;<br>– лекция залдары;<br>– азем залы жана конференция залы;<br>– бейтаптар менен иштөө көндүмдөрүн иштеп чыгуу үчүн симуляциялык борбор;<br>– компьютердик класс же тестирлөө борбору;<br>– окуу залы бар китепкана;<br>– спорт залы жана ачык спорт аянтчалары;<br>– ашкана;<br>– медициналык пункт;<br>– башка шаардык/чет өлкөлүк студенттер үчүн жатакана |
| 6 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | – ар бир студентке 0,5тен кем эмести түзүүгө тийиш болгон билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир дисциплинасы боюнча милдеттүү окуу жана окуу-методикалык басма жана/же электрондук басылмалар менен камсыз кылуу;<br>– лабораториялык иштерди аткаруу боюнча методикалык колдонмолор менен камсыз кылуу 1:1ди түзүүгө тийиш |

Эскертүү. Милдеттүү окуу китептери жана методикалык колдонмолор жумушчу программалар менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын
орто жана жогорку кесиптик
медициналык билим берүүнүн
медициналык билим берүү
уюмдарын мамлекеттик
аккредитациялоодон
өткөрүүнүн тартибине
3-тиркеме

**Орто кесиптик медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн кошумча талаптар**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер |
|---|---|---|
| 1 | Жогорку медайымдык билими бар окутуучулар өткөн сабактар боюнча дисциплиналардын үлүшү | 50 % аз эмес |
| 2 | Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин шайкештиги | Окутулган клиникалык дисциплина боюнча жогорку медициналык билиминин жана тиешелүү адистигинин (ординатурасынын) болушу; гуманитардык-социалдык жана табигый-илимий блоктун дисциплиналары боюнча жогорку тармактык билиминин болушу |
| 3 | Жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 70 % аз эмес |
| 4 | Билим берүү процессин камсыз кылуу үчүн жайлардын болушу | – физика, химия, биохимия, физиология; микробиология; фармакология; анатомия жана патанатомия; физиология жана патофизиология; гистология, гигиена боюнча окуу лабораториялары;<br>– анатомиялык музей;<br>– гуманитардык жана социалдык-экономикалык, табигый-илимий жана кесиптик дисциплиналарды |

| | | |
|---|---|---|
| | | окуу үчүн атайын жабдылган кабинеттер жана аудиториялар;<br>– лекция залдары;<br>– бейтаптар менен иштөө көндүмдөрүн иштеп чыгуу үчүн симуляциялык борбор;<br>– компьютердик класс же тестирлөө борбору;<br>– окуу залы бар китепкана;<br>– спорт залы жана ачык спорт аянтчалары;<br>– ашкана;<br>– медициналык пункт;<br>– башка шаардык/чет өлкөлүк студенттер үчүн жатакана |
| 5 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Ар бир студентке 0,5тен кем эмести түзүүгө тийиш болгон билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир дисциплинасы боюнча милдеттүү окуу жана окуу-методикалык басма жана/же электрондук басылмалар менен камсыз кылуу;<br>лабораториялык иштерди аткаруу боюнча методикалык колдонмолор менен камсыз кылуу 1:1ди түзүүгө тийиш |

Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибине
4-тиркеме

**Орто кесиптик, жогорку кесиптик программаларды ишке ашыруу үчүн клиникалык базага карата минималдуу талаптар**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы |
|---|---|
| 1 | Кабыл алуу бөлүмү (амбулатордук-диагностикалык бөлүм):<br>– каттоо бөлүмү;<br>– отургучтары менен күтүү залы (фойе);<br>– жалпы практикадагы врачтардын жана тар адистердин кабинеттери (терапевт, хирург, гинеколог, педиатр ж.б.);<br>– ооруларды диагностикалоо кабинеттери (эндоскопия, рентгенология, ЭКГ, УДИ);<br>– жабдылган процедуралык кабинет;<br>– жабдылган кароо кабинети |
| 2 | Адистиктер (терапиялык, хирургиялык) боюнча стационардык бөлүм:<br>– врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>– нөөмөттөгү медайымдын посту;<br>– орто жана кенже медициналык кызматкерлер үчүн кабинеттер;<br>– процедуралык кабинеттер;<br>– кароо жана дарылоо процедураларын жүргүзүү үчүн хирургиялык кабинеттер;<br>– оорулуулар үчүн палаталар (хирургиялык, терапиялык профилдеги);<br>– жабдууларды, инвентарды жана медициналык техниканы сактоо үчүн көмөкчү жайлар;<br>– тамактануу үчүн жай;<br>– санитардык түйүн;<br>– студенттердин санына карата керебет-оруңдардын катышы 1:10 |
| 3 | Операциялык блок:<br>– видеокамера менен жабдылган операциялык блок (студенттер үчүн операциянын жүрүшүн операциялык залдан тышкары байкоо жүргүзүү);<br>– медициналык кызматкер жана операцияга даярдалып жаткан оорулуу үчүн операцияга чейинки бөлмө;<br>– инструменттерди тазалоо жана стерилдөө үчүн жай |
| 4 | Жандандыруу бөлүмү: |

| | |
|---|---|
| | – жабдылган интенсивдүү терапия палаталары;<br>– врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>– нөөмөттөгү медайымдын посту;<br>– орто жана кенже медициналык кызматкерлер үчүн кабинеттер |
| 5 | Профилдик багыты боюнча лабораториялар:<br>– лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн биологиялык материалды алуу үчүн бөлмө;<br>– анализдерди жүргүзүү үчүн бөлмө (атайын жабдуу);<br>– биоматериалдарды сактоо үчүн бөлмө |
| 6 | Адистиктер (хирургия, терапия, акушердик жана гинекология, анестезиология, жандандыруу жана интенсивдүү терапия) боюнча окутууда практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн окуу симуляторлору менен жабдылган симуляциялык борбор |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык соттук-медициналык экспертизалар борбору менен келишим |
| 8 | Стоматологдорду даярдоо үчүн клиникалык базага кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:<br>– терапиялык, хирургиялык, ортодонтиялык жана ортопедиялык профилдеги бейтаптар менен иштөө үчүн стоматологиялык жабдуулар менен жабдылган стоматологиялык кабинеттер;<br>– денталдык жана панорамалык сүрөттөр үчүн рентген аппараты;<br>– бет-жаак хирургиясы бөлүмү;<br>– тиш техникалык лабораториясы |
| 9 | Фармацевттерди даярдоо боюнча программаларды ишке ашырууга кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:<br>– дарыкана ичинде дары-дармек каражаттарын жасоо үчүн бардык жабдуулар менен жабдылган фармацевтикалык технология боюнча лаборатория;<br>– дары формаларынын бардык түрлөрүн өндүрүү үчүн өндүрүштүк же моделдик жабдуулары менен өнөр жай технологиясы боюнча лаборатория (эритиндилерди, экстракттык препараттарды, таблеткаларды өндүрүү үчүн, дарылык өсүмдүк чийки затын майдалоо үчүн жабдуулар);<br>– виварий (дендрарий) |

Эскертүү. Бир нече адистештирилген клиникалык базалардын болушуна жол берилет, алар чогуу алганда клиникалык базанын көп тармактуулугун түзөт.

Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибине
5-тиркеме

(Билим берүү уюмунун фирмалык бланкында)

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Аккредитациялык кеңештин төрагасына**

**Арыз**

______________________________________________________
(билим берүү уюмунун толук аталышы, телефон, факс, e-mail)

**төмөнкү билим берүү программаларын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнү өтүнөт:**

| № | Билим берүү программаларынын (багыттарынын) толук аталышы | Билим берүү программаларынын (багыттарынын) шифри |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

**Төлөмдү кепилдейбиз.**

_________________________ ________________
(Жетекчинин аты-жөнү) (Колу)
М.О.

Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик медициналык билим берүүнүн медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибине
6-тиркеме

(Билим берүү уюмунун фирмалык бланкында)

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Аккредитациялык кеңештин төрагасына**

**Арыз**

___________________________________________________________________
(билим берүү уюмунун толук аталышы, телефон, факс, e-mail)

**мамлекеттик институттук аккредитациялоодон өткөрүүнү өтүнөт.**

**Төлөмдү кепилдейбиз.**

______________________ ______________
(Жетекчинин аты-жөнү) (Колу)
М.О.

Приложение 1
к Порядку проведения
государственной
аккредитации медицинских
образовательных организаций
среднего и высшего
профессионального
медицинского образования
Кыргызской Республики

# Стандарты, требования и критерии государственной аккредитации медицинских образовательных организаций организаций среднего и высшего медицинского образования Кыргызской Республики

## Глава 1. Область применения

1. Настоящие стандарты, требования и критерии:

– распространяются на образовательные организации среднего и высшего профессионального образования, реализующие образовательные программы по медицинским и фармацевтическим направлениям и специальностям на территории Кыргызской Республики;

– разработаны в целях обеспечения качества медицинского и фармацевтического образования в Кыргызской Республике, единства образовательного пространства и государственного контроля.

## Глава 2. Термины, определения и сокращения

2. Используемые термины, определения и сокращения:

1) институциональная аккредитация – процедура признания соответствия уровня качества медицинской образовательной организации в целом определенным требованиям и критериям стандартов;

2) медицинская образовательная организация – медицинская образовательная организация, реализующая программы по медицинским и фармацевтическим направлениям и специальностям на территории Кыргызской Республики;

3) программная аккредитация – процедура оценки уровня качества отдельных образовательных программ по медицинским и фармацевтическим направлениям подготовки, в ходе которой

признается соответствие образовательной программы определенным требованиям и критериям стандартов;

4) процесс – совокупность взаимосвязанных и взаимодействующих видов деятельности, которые преобразуют «входы» (ресурсы) и «выходы» (продукция/услуги);

5) результаты обучения – измеримые, проверяемые и четко сформулированные знания, умения, навыки и сформированные компетенции, которыми овладевает обучающийся по завершении образовательной программы;

6) система менеджмента качества (СМК) – совокупность организационной структуры, процессов, процедур и ресурсов, направленная на обеспечение, контроль и непрерывное повышение качества образовательных услуг;

7) удовлетворенность потребителей (стейкхолдеров) – соответствие результатов деятельности образовательной организации ожиданиям заинтересованных сторон (обучающихся, преподавателей, сотрудников, родителей, работодателей, государства).

## Глава 3. Стандарты, требования и критерии институциональной аккредитации

### Стандарт 1. Политика обеспечения качества образования

3. Требование: стратегические и текущие планы медицинской образовательной организации по обеспечению качества образования способствуют достижению миссии медицинской образовательной организации и отвечают потребностям заинтересованных сторон.

Критерии оценки:

– наличие в образовательной организации утвержденной политики обеспечения качества образования, включающей миссию, стратегию развития образовательной организации, план реализации стратегии, цели и результаты обучения, руководство по качеству образования;

– политика обеспечения качества образования опубликована на сайте образовательной организации;

– наличие анализа потребностей заинтересованных сторон (аналитические отчеты), результаты анализа отражены в политике обеспечения качества образования;

– соответствие политики обеспечения качества образования образовательной организации целям и задачам национальной политики в области высшего образования, научных исследований и развития региона/страны.

4. Требование: реализация стратегических и текущих планов, мониторинг деятельности медицинской образовательной организации

осуществляются для принятия решений и внесения изменений с участием заинтересованных сторон.

Критерии оценки:

– наличие утвержденных стратегических и текущих планов реализации стратегии на год, основанных на анализе потребностей;

– наличие ежегодных отчетов по реализации планов с анализом достижений и корректирующих мероприятий;

– размещение планов и отчетов в открытом доступе с возможностью обратной связи;

– наличие утвержденного руководства по мониторингу и оценке качества образования в образовательной организации;

– наличие отчетов по мониторингу и оценке качества образования в образовательной организации (успеваемость, анализ контингента, отчеты по самооценке, по удовлетворенности стейкхолдеров и другое);

– наличие протоколов общественных советов, где рассмотрены планы, отчеты и предложения заинтересованных сторон;

– соответствие стратегии развития и плана ее реализации заявленной миссии, целям и задачам.

5. Требование: внутренняя система менеджмента качества образования действует эффективно и способствует достижению миссии медицинской образовательной организации.

Критерии оценки:

– наличие утвержденных реестра процессов и процессной модели системы менеджмента качества образования медицинской образовательной организации и их публикация на сайте образовательной организации;

– наличие структурного подразделения с функционалом по системе менеджмента качества образования, планов и отчетов подразделения;

– наличие общественного совета по качеству либо иного уполномоченного общественного совета, в полномочия которого входят вопросы качества образования с включением представителей обучающихся (положение о совете, список членов, планы и протоколы заседаний);

– наличие аналитических отчетов об успеваемости, качестве знаний обучающихся, трудоустройстве;

– наличие в образовательной организации документированной системы сбора и анализа данных ее деятельности; оценка сильных и слабых сторон – SWOT-анализ, на основе которого ректорат совместно с Ученым советом определяет политику, стратегический и тактический планы.

6. Требование: медицинская образовательная организация соблюдает требования нормативных правовых актов по регулированию образовательной деятельности.

Критерии оценки:

– наличие правоустанавливающих документов: устав образовательной организации (в актуальной редакции); свидетельство о государственной регистрации; свидетельство о постановке на учет в налоговом органе (ИНН); лицензия на осуществление образовательной деятельности с приложениями;

– доступность правоустанавливающих документов на сайте образовательной организации;

– наличие нормативных правовых актов и локальных актов относительно деятельности образовательной организации, опубликованных на сайте организации, в том числе правила внутреннего распорядка, положение об оказании платных образовательных услуг, положения о структурных подразделениях и т.д.;

– доступность утвержденных образовательных программ и учебных планов на сайте образовательной организации.

7. Требование: заинтересованные стороны имеют возможность получать информацию о результатах деятельности медицинской образовательной организации.

Критерии оценки:

– наличие сайта образовательной организации, имеющего заполненные рубрики: общая информация об образовательной организации, политика гарантии качества образования, реализуемые образовательные программы, ожидаемые результаты обучения, система оценки знаний, нормативные правовые документы, структурные подразделения, научно-исследовательская деятельность, воспитательная работа, прием и поступление, международное сотрудничество, финансовая деятельность, информация для студентов, информация для выпускников, информация для профессорско-преподавательского состава (далее – ППС), обратная связь для ППС, обратная связь для студентов;

– наличие активно действующей электронной почты, телефона;

– наличие утвержденного положения об информационной политике образовательной организации;

– наличие информационных стендов о миссии и стратегии в корпусах образовательной организации;

– доступность отчетности на сайте образовательной организации: отчеты по аккредитации, отчеты по мониторингу и оценке, отчеты по анкетированию, о результатах приемной комиссии;

– наличие протоколов/информации о проведенных общественных слушаниях, встречах, круглых столах с работодателями, выпускниками и родителями по вопросам деятельности образовательной организации;

– наличие разработанных и внедренных процедур реагирования на обращения и заявления заинтересованных сторон.

8. Требование: медицинская образовательная организация предпринимает действия по повышению своей академической репутации.

Критерии оценки:

– доступность информации на сайте образовательной организации на английском, русском и кыргызском языках;

– наличие собственного бренда, брендбука, брошюр;

– наличие информационного ролика об образовательной организации на английском, русском и кыргызском языках;

– наличие международных связей и активности по ним;

– наличие международной институциональной аккредитации;

– участие в международных и национальных рейтингах образовательной организации;

– участие в международных сетях, сообществах, ассоциациях;

– наличие дуальных образовательных программ или программ двойных дипломов;

– участие в международных выставках;

– внедрение современных образовательных и цифровых технологий (наличие цифровой образовательной платформы, собственных симуляционных центров, виртуальных лабораторий, виртуальных пациентов и т. д.).

9. Требование: медицинская образовательная организация обеспечивает безопасность образовательной среды.

Критерии оценки:

– наличие нормативных правовых актов и локальных актов по безопасности образовательной среды: положение об охране труда; положение о противодействии экстремизму, терроризму, насилию; коррупции в образовательной организации; приказы о комиссии по охране труда, комиссии по гражданской обороне и чрезвычайным ситуациям; инструкция по действиям при пожаре и чрезвычайным ситуациям;

– наличие системы оценки рабочих мест на соответствие требованиям по охране труда;

– проведение инструктажа по технике безопасности сотрудников и обучающихся;

– прохождение обучающимися ежегодных медицинских осмотров и наличие полиса обязательного медицинского страхования. В учебных корпусах имеется медицинский пункт;

– проведение ежегодного санитарно-гигиенического обследования объектов образовательной организации;

– наличие актов проверки противопожарного состояния объектов (учебных корпусов) образовательной организации;

– исполнение требований к обеспечению безопасности и защите персональных данных при их обработке в информационных системах в образовательной организации;

– в образовательной организации имеется контроль доступа и антитеррористическая защищенность (имеется паспорт антитеррористической защищенности объекта; служба охраны, договора с охранным агентством/службой безопасности).

## Стандарт 2. Управление человеческими ресурсами

10. Требование: медицинская образовательная организация имеет прозрачные и объективные механизмы и процедуры управления человеческими ресурсами, в том числе этические нормы поведения персонала и обучающихся.

Критерии оценки:

– наличие внутренних локальных актов, регулирующих процедуры отбора и приема персонала;

– наличие прогнозирования потребности в персонале (наличие утвержденных нормативов оплаты труда и нагрузки преподавателей, штатного расписания на учебный год);

– наличие механизмов мотивации и удержания персонала;

– соблюдение этических норм поведения персонала и обучающихся.

11. Требование: медицинская образовательная организация обеспечивает непрерывное профессиональное развитие и повышение квалификации персонала.

Критерии оценки:

– наличие плана развития персонала образовательной организации на учебный год (за последние 3 года);

– наличие плана повышения квалификации персонала (за последние 3 года);

– выделение медицинской образовательной организацией средств из своего бюджета на повышение квалификации сотрудников;

– наличие ежегодных отчетов о повышении квалификации персонала, сертификатов о прохождении курсов повышения квалификации преподавателей, семинаров, тренингов в соответствии с планом;

– прохождение преподавателями курсов повышения квалификации по андрагогике высшей школы каждые 5 лет;

– прохождение преподавателями курсов повышения квалификации по своей специальности каждые 5 лет.

12. Требование: медицинская образовательная организация имеет прозрачные, объективные механизмы и индикаторы оценки деятельности персонала, принятия решений по ее результатам.

Критерии оценки:

– наличие внутренних локальных актов по оценке деятельности персонала и принятию решения по ее результатам;

– размещение документов по оценке деятельности персонала в открытом доступе (на сайте образовательной организации);

– наличие решений ректората образовательной организации и комиссии по оценке деятельности персонала, основанные на результатах оценки;

– доступность информации по результатам оценки (анкетирование «Преподаватель глазами студентов»);

– соответствие квалификации преподавательского состава профессиональному стандарту преподавателя образовательной организации среднего и высшего образования и дополнительным требованиям приложений 2, 3 к Порядку проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики.

## Стандарт 3. Материальные и информационные ресурсы

13. Требование: медицинская образовательная организация обеспечивает достаточные материальные и информационные ресурсы и их доступность для различных групп обучающихся и персонала.

Критерии оценки:

– наличие на праве собственности, оперативного управления, хозяйственного ведения, оборудованных зданий, помещений, сооружений, тренировочных площадок, территорий;

– наличие оборудованных учебных классов, лекционных залов, учебных и научных лабораторий, компьютерных классов, спортзала, актового зала, библиотеки с читальными залами, столовой, медпункта, спортивных летних площадок, общежитий, доступных участникам образовательного процесса, в том числе лицам с ограниченными возможностями здоровья, в соответствии с приложениями 2, 3 к Порядку проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики;

– наличие компьютерного, учебного оборудования, симуляционного оборудования, мебели, расходных материалов для образовательного процесса;

– наличие библиотечно-информационных ресурсов: учебники, учебно-методическая литература, научная литература, электронные учебники и доступ к библиотечным базам в соответствии с приложениями 2, 3 к Порядку проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики;

– наличие цифровых образовательных ресурсов: цифровая образовательная платформа, цифровая платформа делопроизводства, программное обеспечение, симуляторы и виртуальные классы, интернет, электронная библиотека;

– обеспеченность обязательными учебными и учебно-методическими печатными и электронными изданиями по каждой дисциплине профессионального цикла, входящей в образовательную программу, составляет не менее 0,5 на каждого студента, обеспеченность методическими пособиями по выполнению лабораторных работ составляет 1:1;

– наличие полезной площади для образовательной деятельности на одного обучающегося в соответствии с требованиями государственного образовательного стандарта по направлению подготовки/специальности;

– наличие не менее 7 компьютеров с выходом в интернет на 100 обучающихся для использования электронных изданий.

14. Требование: медицинская образовательная организация имеет механизмы и индикаторы улучшения материальных и информационных ресурсов.

Критерии оценки:

– наличие системы оценки потребности в материальных и информационных ресурсах;

– наличие утвержденных правил (или подобного документа) составления и подачи заявок структурных подразделений образовательной организации на приобретение товаров, технических работ и услуг, отпуск товаров со склада;

– наличие утвержденных планов закупок товаров, работ и услуг;

– проведение ежегодной инвентаризации материальных ценностей в структурных подразделениях;

– улучшение материальных и информационных ресурсов отражено в стратегических и текущих планах образовательной организации.

15. Требование: материально-техническая база образовательной организации соответствует требованиям безопасности образовательной среды.

Критерии оценки:

– наличие санитарно-эпидемиологического заключения на учебные корпуса, лаборатории, общежития;

– соответствие корпусов и производственных помещений требованиям противопожарной безопасности;

– наличие договора на охрану, вывоз мусора;

– наличие паспорта антитеррористической защищенности объектов образовательной организации.

16. Требование: медицинская образовательная организация имеет клиническую базу для реализации программ медицинского и фармацевтического образования.

Критерии оценки:

– негосударственные образовательные организации высшего, послевузовского профессионального медицинского образования должны иметь на праве собственности или оперативного управления многопрофильную клиническую базу (наличие правоустанавливающих документов на клинику и регистрации в местном регистрационном органе по месту расположения недвижимого имущества);

– наличие заключения Министерства здравоохранения Кыргызской Республики о соответствии клинической базы установленным требованиям приложения 4 к Порядку проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики;

– наличие соответствующей лицензии на осуществление медицинской и фармацевтической деятельности;

– соответствие минимальным требованиям к клинической базе для реализации программ среднего профессионального, высшего профессионального, послевузовского профессионального и дополнительного профессионального медицинского и фармацевтического образования согласно приложению 4 к Порядку проведения государственной аккредитации медицинских образовательных организаций среднего и высшего профессионального медицинского образования Кыргызской Республики.

## Стандарт 4. Управление финансовыми ресурсами

17. Требование: медицинская образовательная организация обеспечивает открытость и прозрачность в управлении финансами, исполнении бюджета и обоснованном финансовом планировании.

Критерии оценки:

